КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК

ПРИКАЗ

_____ № _____ Бишкек ш.

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатын контролдоо жөнүндө

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатын контролдоо иш-чараларды санариптик системага жана жаңыланган нормативдик документтерге шайкеш келтирүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Медициналык жардамдын сапатын контролдоонун тартиби (1-тиркеме);

2) Медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүү методикасы (2-тиркеме);

3) Медициналык жардамдын сапатынын индикаторлоруна мониторинг жүргүзүү методикасы (3-тиркеме);

4) Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатына баалоо жүргүзүү методикасы (4-тиркеме);

5) Жалпы дарыгердик практика борборунун стационардык баалоо картасынын методикасы (5-тиркеме).

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамды уюштуруу жана дары саясаты башкармалыгынын башчысы (Н.С. Ибраева), Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы (А.К. Муканов) камсыз кылышсын:

1) бекитилген буйрукту саламаттык сактоо уюмдарына жеткиликтүүлүгүн;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) ушул буйрук менен бекитилген методикаларга, Баалоо карталарына ылайык саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатына сырткы баалоо жүргүзүүнү;

3) саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатына контролдоо боюнча иш-чаралардын жыйынтыктарына талдоону жана жыйынтыктоону;

4) ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын Сапатты экспертизалоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин арасында медициналык жардамдын сапатына баалоо жүргүзүү боюнча окутуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Электрондук саламаттык сактоо борборунун директору (Ч.М. Бексултанов) камсыз кылсын:

1) «Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде баалоо карта» жана «Стационардык деңгээлде баалоо карта» электрондук маалымат программасын ушул буйрук менен бекитилген 4, 5-тиркемелерге ылайык иштеп чыгууну;

Мөөнөтү: 2025-жыл ичинде

2) «Sanarip clinic» маалыматтык системасында медициналык жардамдын сапатын экспертизалоо моделин 2-тиркемеге ылайык иштеп чыгууну;

Мөөнөтү: 2025-2026-жылдар

3) ММК фондунун жана аймактык башкармалыктарынын адистерине «Sanarip clinic» маалыматтык системасы боюнча окутуу жүргүзүүнү жана маалыматтык системасынын жеткиликтүүлүгүн.

Мөөнөтү: 2025-жылдын март айы

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2021-жылдын 9-сентябрындагы №1236 «Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатын башкаруу системасын мындан ары өркүндөтүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары К.К. Байдавлетовго жана ММК фондунун төрагасы А.К. Мукановго жүктөлсүн.

Министр **Э.М. Чечейбаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
20 ____-жылынын «_____» «_____»
№ ___ _____ буйругуна 1-тиркеме

Медициналык жардамдын сапатын контролдоо тартиби

I. Жалпы жоболор

Ушул Тартипте баяндалган медициналык жардам көрсөтүүлөрдүн сапатын контролдоо тартиби саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык жардамдын сапатынын деңгээлин аныктоого багытталган иш-чараларды, контролдоо системасынын негизги принциптерин, ыкмаларын камтыйт.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун аныктамасы боюнча "Сапаттуу медициналык кызмат - коопсуз, өз убагында, үнөмдүү (натыйжалуу), адилеттүү, комплекстүү, адамга багытталган медициналык кызмат" болушу керек.

Медициналык жардамдын сапатын контролдоо системасы төмөнкү принциптерге негизделген:

– бейтапка багытталгандык - медициналык кызматкерлердин сылыктыгы, медициналык жардамдын өз убагында көрсөтүлүшү жана комплекстүүлүгү (коштолгон, кошумча ооруларды дарылоо), медициналык жардам көрсөтүлгөндөн кийин бейтаптын абалынын жакшырышы;

– адилеттүүлүк - курагына, жынысына, этностук таандыктыгына, географиялык жайгашуусуна, динине, социалдык-экономикалык абалына, ошондой эле тил же саясий көз карашына карабастан бейтаптарга медициналык жардамдын сапатын камсыз кылуу;

– медициналык жардам көрсөтүүнүн, процедуралардын, жабдуулардын стандартка туура келиши жана коопсуздугу - көрсөтүлүүчү жардамдын бекитилген медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана шарттарын жөнгө салуучу саламаттык сактоо тармагындагы ченемдик документтерге, клиникалык протоколдорго шайкеш келиши;

– натыйжалуулук (үнөмдүү) - медициналык жардам көрсөтүүдө саламаттык сактоонун уюмунун материалдык жана финансылык ресурстарын сарамжалдуу пайдалануусу.

II. Баалоо картанын индикаторлорун колдонуу менен комплекстүү медициналык жардамдын сапатын баалоо

Медициналык жардамдын сапатын контролдоо иш-чараларды жүргүзүүдө комплекстүү (баалоо картанын негизинде) баалоо колдонулат, анын ичинде:

– ченемдик документтерге жана клиникалык протоколдорго ылайык ретроспективдүү экспертиза жүргүзүү;

– бейтаптардын канааттануусун сурамжылоо;

– бекитилген медициналык индикаторлордун аткарылышын баалоо;

– медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын контролдоонун жыйынтыгы боюнча оң жана терс мүнөздөгү финансылык чараларды колдонуу.

Комплекстүү медициналык жардамдын сапатын баалоо Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген ченемдик документтердин негизинде жүргүзүлөт жана саламаттык сактоо уюмунун түзүмүн, ресурстарын, клиникалык процесстердин жана натыйжалардын индикаторлорун аткарылышын камтыйт.

Түзүмдүк индикаторлорду баалоодо, саламаттык сактоо уюмундагы материалдык-техникалык, кадрдык, дары-дармек ресурстар, уюштуруу түзүмүн (инфраструктурасы) системасы каралат. Уюштуруу түзүмүнө коюлган талаптардын сакталышы, түзүлгөн

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 161, 21.02.2025 Кол койгон: Чечейбаев Э.М., 21.02.2025

шарттар өз убагында жана сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүгө кандайча өбөлгө түзөөрүнө же тоскоолдук кылып жатканына баа берилет. Материалдык-техникалык, кадрдык, дары-дармек ресурстарды башкаруунун жетиштүү системасы, уюштуруу түзүмүнүн (инфраструктура) жеткиликтүүгү, өз убагында жана натыйжалуу медициналык кызмат көрсөтүүгө өбөлгө түзөт.

Клиникалык процесстердин индикаторлору бейтапка көрсөтүлгөн изилдөө жана дарылоо иш-чаралар бекилген стандарттарга туура келишин баалоого мүмкүнчүлүк берет, медициналык кызматкерлердин кесиптик билимине жана квалификациясына жараша медициналык жардам көрсөтүү процессинде жасалган иш-аракеттерди чагылдырат. Клиникалык процесстердин сапаты ар бир бейтап боюнча медициналык жардамдын клиникалык колдонмолорго/протоколдорго шайкеш келишин эске алуу менен бааланат.

Натыйжаны баалоо медициналык жардам көрсөтүүнүн бейтаптын ден соолугуна тийгизген таасирин көрсөтөт. Медициналык жардам көрсөтүүнүн жыйынтыгы бейтаптардын маалымат алуусуна жана канааттануусуна телефон аркылуу сурамжылоо жүргүзүү жолу менен бааланат.

Баалоо картадагы упайлардын максималдуу саны 1000 балл (100%) түзөт. Мүмкүн болгон максималдуу 100%дан баа берүүнүн акыркы натыйжасы саламаттыкты сактоо уюмунун сапат индекси (баасы) болуп саналат. Сапат индексинин баасы канчалык жогору болсо, медициналык жардам ошончолук толук жана сапаттуу болот.

Саламаттык сактоо уюмунун, ММК фондунун аймактык башкармалыгынын адистери биргиликте баалонун жыйынтыктарын талкуулашат жана медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды пландаштырышат. Сапатты баалоонун жыйынтыктары Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун веб-сайтынын “Ачык маалыматтар” бөлүмүндө жайгаштырылат жана жетишилген сапат индекси боюнча саламаттык сактоо уюмдарына ММК фондунун каражаттарынан финансылык жактан стимулдаштыруу төлөмдөр төлөнүп берилет.

III. Медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүү

Медициналык жардамдын сапатына экспертиза (мындан ары -экспертиза) жүргүзүү контролдоонун негизги түрлөрүнүн бири болуп саналат жана бейтаптын медициналык картасындагы жазуулардын негизинде ретроспективдүү бекитилген клиникалык колдонмолорго, протоколдорго, операциялык процедуралардын стандарттарына шайкеш келишин аныктайт.

Пландуу турдө экспертиза Баалоо картанын индикаторлорун колдонуу менен комплекстүү медициналык кызматтын сапатын баалоодо жүргүзүлөт. Жыйынтыктары Баалоо картага толтурулат.

Пландан тышкары экспертиза бейтаптардын, башка мекемелердин кайрылуусу, Саламаттык сактоо министрлигинин, жогору турган органдардын тапшырмалары боюнча жана артыкчылыктуу багыттар боюнча тематикалык изилдөөлөрдө өткөрүлүшү мүмкүн. Жыйынтыктары электрондук программадагы учеттук формаларга толтурулат.

IV. Бейтаптардын канааттануусун изилдөө

Бейтаптардын канааттануусун изилдөө бейтаптарды сурамжылоо, даттанууларды жана сунуштарды карап чыгуу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Бейтаптарды сурамжылоо медициналык кызматкерлер жана бейтаптын ортосундагы мамилени, бейтапка берилген консультацияны, кошумча төлөм, стационарда дарылоо шарттарын изилдөө үчүн түзүмдүк суроолорду колдонуу менен комплекстүү медициналык кызматтын сапатын баалоодо (баалоо картанын ичинде) өткөрүлөт.

Бейтаптын канааттануусун изилдөөдө төмөнкүлөргө өзгөчө көңүл бурулат:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– медициналык жардамдын сапатына, дарылоонун натыйжалуулугуна, анын ичинде аны көрсөтүү шарттарына;

– медициналык жардам алууда бейтаптардын укуктарынын сакталышына;

– тобокелдик факторлору жана оорулардын алдын алуу боюнча бейтапка кеңеш берүүгө.

Бейтаптын канааттануусун изилдөөнүн натыйжалары:

– медициналык жардамдын сапатын жогорулатуу максатында тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн саламаттык сактоо уюмдарында талкууланат;

– баалоо карта менен баалоодо жана стимулдук төлөмдөрдү чегерүүдө эске алынат;

– медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишим түзүүдө эске алынат;

– ММК Фонду тарабынан ишке ашырып жаткан программалардын натыйжалуулугун баалоодо талданат жана пайдаланылат;

– ММК фондунун расмий сайтында жайгаштырылат.

V. Келишимдердин индикаторлорунун аткарылышына мониторинг жүргүзүү

Саламаттык сактоо уюмунун ишин чагылдырган медициналык жардамдын сапатынын индикаторлору саламаттык сактоо уюму менен ММК фондунун аймактык башкармалыгынын ортосундагы келишимде бекитилет.

Жыл сайын медициналык жардам көрсөтүүгө келишимдерди түзүүдө саламаттык сактоо уюму менен макулдашылган, саламаттык сактоо уюмунун ишинин көрсөткүчтөрүн чагылдырган сапаттык индикаторлор аныкталат.

Келишимдердин индикаторлорунун тизмеси саламаттык сактоо уюму тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын профилине жана өзгөчөлүгүнө жараша болот.

Келишимдердин индикаторлорунун аткарылышына мониторинг жүргүзүү процесси төмөнкү этаптардан турат.

1-этап - саламаттык сактоо уюму тарабынан жүргүзүлүүчү ички мониторинг.

2-этап - келишимдердин индикаторлоруна тышкы мониторинг жүргүзүү ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашырылат.

3-этап- саламаттык сактоо уюмунун, ММК фондунун аймактык башкармалыгынын кызматкерлери мониторингдин жыйынтыктарын биргелешип талкуулоо жана медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды пландаштыруу.

Саламаттык сактоо уюму тарабынан индикаторлордун аткарылышы жөнүндө маалыматтарды мониторинг Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген ченемдик документтердин жана ыкмалардын негизинде жүргүзүлөт жана жыйынтыктары электрондук программага киргизилет.

VI. Медициналык жардамдын сапатына баа берүүнүн жана экспертизанын жыйынтыгы:

– медициналык жардамдын сапатын жогорулатуу максатында саламаттык сактоо уюмдарында баалонун жана экспертизанын жыйынтыктары боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлери менен иш-чаралар талкууланат жана пландаштырылат;

– саламаттык сактоо уюмдары менен келишим түзүүдө эске алынат;

– саламаттык сактоо системасындагы программалардын натыйжалуулугун баалоодо колдонулат;

– медициналык жардамдын сапатына баа берүүнүн, экспертизанын жана келишимдин индикаторлорунун аткарылышынын 6, 12-айдын жыйынтыктарынын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

негизинде облус боюнча жыйынтыктоочу отчет (электрондук форматта) ММК фондунун аймактык башкармалыктары жагынан ММК фондуна жиберилет;

– медициналык жардамдын сапатына баа берүүнүн жана экспертизанын жыйынтыгы боюнча саламаттык сактоо уюмдарына карата Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген жобого ылайык оң жана терс мүнөздөгү финансылык чаралар колдонулат**.**

Терс мүнөздөгү финансылык чаралар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген клиникалык көрсөтмөлөргө, протоколдорго, операциялык стандарттарына шайкеш келбеген учурларда ММК фондунун каражаттарынан акы төлөөдөн толук же жарым-жартылай баш тартуусун билдирет.

Оң мүнөздөгү финансылык иш-чаралар саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын жетишилген деңгээлине карата финансалык стимулдарды камтыйт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
20 _____ - жылынын «__ _ __» «___ _____»
№ _____ буйругуна 2-тиркеме

Медициналык жардамдын сапатын экспертиза жүргүзүү методикасы

Жалпы жоболор

Бул методика, Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК Фондунун (мындан ары – ММК фонду) аймактык башкармалыктарынын медициналык жардамдын сапатын балоо/экспертизалоо бөлүмдөрүнүн адистери (СЭБ адистери) тарабынан балоо/экспертиза өткөрүүдө бирдиктүү талаптарды бекитүү, стандартташтыруу максатында жазылган.

Медициналык жардамдын сапатын баалоо/экспертизалоо (сапатты балоо/экспертизалоо) төмөнкүлөрдү аныктоого багытталган:

– медициналык жардамдын клиникалык колдонмолордо/протоколдордо бекитилген изилдөө жана дарылоо схемаларына ылайык болушу;

– ооруканага/стационарга жаткыруу үчүн жолдомонун негиздүүлүгү жана ооруканага жаткыруунун негиздүүлүгү;

– саламаттык сактоо уюмдарында (ССУ) бейтаптардын укуктарын сактоо, анын ичинде кошумча төлөмдөрдү туура чогултуу.

Сапатты баалоонун/экспертизанын (мындан ары – экспертиза) эки негизги түрү бар: пландуу жана пландан тышкары. Пландуу экспертиза, СЭБ адистери тарабынан жылына 2 жолу (6-айда бир жолу), аймактык башкармачылыктын директору тарабынан бекитилген экспертизанын планына ылайык жүргүзүлөт. Пландан тышкаркы экспертиза, жарандардын кайрылууларынын, Саламаттык сактоо министрлигинин, ММК фондунун жана жогору турган органдардын тапшырмасынын негизинде аткарылат.

Экспертиза жүргүзүүдө ретроспективдүү усул колдонулат жана экспертизанын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында "Дарылоо учур" маалымат базасындагы маалыматтарды алдын ала талдоо жүргүзүш керек.

Экспертиза аймактык башкармалыктын буйругунун негизинде СЭБ адистери тарабынан жүргүзүлөт. Экспертизага экономика, финансы бөлүмүнүн, маалыматтык камсыздоо секторунун адистери жана медициналык профиль боюнча штаттан тышкаркы эксперттер тартылышы мүмкүн. Экспертизанын жүрүшүндө Мамлекеттик кепилдиктер программа боюнча маалыматтардын, анын ичинде жеңилдетилген категориялардын тизмесинин, Кошумча дары-дармек милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасы менен иштеген дарыканалардын аталыштары, даректери, телефондору, ММК Фондунун 113 ишеним телефону, медициналык кызматтардын прейскуранты ж.б. маалыматар болушуна көңүл буруу зарыл. Ошодой эле, саламаттык сактоо уюмунда дары-дармек менен камсыздоону, сапат бөлүмүнүн ишин баалоо өткөрүш керек.

Экспертизанын жүрүшүндө СЭБ адистери, медициналык мекеменин негизги ишмердүүлүгүнө тоскоолдуктарды жаратпашы керек жана жыйынтыктарын СЭБ адистери тиешелүү учеттук формаларын толтуру менен "Simbase сапат экспертиза" маалымат системага киргизишет (тиркеме «Учеттук формалар»).

Медициналык экспертизанын учеттук формаларына саламаттык сактоо уюмунун башчысы, Үй-бүлөлүк дарыгер тобунун/ стационар бөлүмдүн башчысы, дарыгер кол коюш керек. Экспертизанын учеттук формалары 2 нуска басып чыгарылат, саламаттык уюмунун мөөрү менен кепилденет. Бир нускасы саламаттык сактоо уюмунда калат. Экспертизада чагылдырылган фактыларга макул болбогон учурда саламаттык сактоо уюму Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК фондуна жазуу жүзүндөгү негиздемени жиберет жана ошонун негизинде кайталанган текшерүү жүргүзүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 161, 21.02.2025 Кол койгон: Чечейбаев Э.М., 21.02.2025

"Сапат экспертизасы" Simbase программасына киргизилген медициналык экспертизанын учеттук формаларын толтуруу жана редакциялоону аяктоо, отчеттук мезгилден кийинки 5-күнгө чейин кечиктирилбестен жүргүзүлөт. Отчеттук мезгилден кийинки 6-күндөн тартып киргизилген учеттук формаларды редакциялоого жана отчеттук мезгилдин жаңы учеттук формаларды киргизүүгө жол берилбейт.

Киргизилген учеттук формалардын негизинде Программа тиешелүү отчетторду түзөт (тиркеме «Отчеттук формалар»).

Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү деңгээлинде медициналык жардамдын сапатын экспертиза жүргүзүү

Баштапкы медициналык-санитардык жардам (БМСЖ) деңгээлинде көрсөтүлүүчү медициналык жана профилактикалык жардамдын сапатын экспертизалоо даттануулар келип түшкөндө, жогору турган ведомстволордун тапшырмасы, артыкчылыктуу багыттар боюнча Саламаттык сактоо министрлигинин, ММК фондунун, аймактык башкармалыктарынын жетекчилигинин чечими боюнча жүргүзүлөт.

Жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыктарын СЭБ адиси электрондук түрдө төмөнкү учеттук формаларга толтурат:

– баштапкы медициналык-санитардык жардам (БМСЖ) деңгээлинде амбулаториялык медкартаны экспертизалоо учеттук формасы (№1 ММК/у);

– экспертизалодо кемчиликтер жок амбулаториялык медкарталардын учеттук формасы (№5 ММК/у).

Жогоруда бекитилген жана толтурулган учеттук формалардын негизинде, Программа төмөнкү отчетторду түзөт:

– №1, №5 учеттук формаларынын негизинде, БМСЖ деңгээлинде саламаттык сактоо уюмдарында экспертизанын жыйынтыктары №1 ММК/О.

Тез/шашылыш медициналык жардам бригадалары тарабынан медициналык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында экспертиза жүргүзүү

Тез/шашылыш медициналык жардам (бригадалары көрсөтүүчү амбулаториялык медициналык жардамдын сапатынын экспертизасы шашылыш медициналык жардам көрсөтүүнүн өз убагында жана натыйжалуулугун аныктоого, бейтаптардын укуктарын сактоого, дарылоонун белгиленген стандарттуу схемаларына ылайык келүүсүнө, шашылыш амбулаториялык медициналык жардам кызматы менен үй-бүлөлүк дарыгер топторунун ортосунда медициналык жардам көрсөтүүдө үзгүлтүксүздүктүн болушуна багытталган.

Отчеттук мезгилдеги чакыруу карталарынын 1% кем эмес көлөмү (аз болгон учурда 50дөн кем эмес карталары) экспертизадан өтүүгө тийиш. Бишкек жана Ош шаарларынын Шашылыш/Тез медициналык жардам станцияларда 0,5% кем эмес карталары.

Экспертизанын жыйынтыктарын СЭБ адистери №7, 9 ММК/у электрондук түрдө учеттук формага толтурат. Жогоруда бекитилген жана толтурулган учеттук формалардын негизинде, электрондук программа Шашылыш медициналык жардам бригадалары тарабынан медициналык жардамды экспертизалоо №5 ММК/О.

Стационарларда медициналык жардамдын сапатын экспертиза жүргүзүү

(Улуттук, республикалык борборлор/ооруканалар, облустук ооруканалар, территориалдык/шаардык, адистиштирилген ооруканалар, клиникалык төрөт борборлор/төрөт үйлөр)

Пландуу экспертиза жана стационардагы медициналык жардамдын индикаторлорунун аныктыгына мониторинг бир убакта жүргүзүлөт.

Экспертиза өткөрүүнүн алдында, милдеттүү түрдө “Дарылоо учур” системадагы маалыматтарды талдап чыгуу керек. Стационардык медициналык жардамдын сапатына

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

экспертиза ретроспективдүү жүргүзүлөт. Экспертизада стационардык бейтаптын медициналык карталарында төмөнкүлөр текшерилет:

– ооруканага жаткыруунун негиздүүлүгү;

– изилдөөлөрдүн, дарылоонун жана байкоонун бекитилген клиникалык протоколдорго/колдонмолорго ылайык келиши;

– негизделген клиникалык диагноздун тууралыгы жана оорулардын эл аралык классификациясы (МКБ-10) боюнча туура кодировкасы (өткүр инсульт/инфаркт);

– дары-дармек каражаттары менен камсыз кылуу, медициналык жабдууларды сарамжалдуу пайдалануу;

– бейтапка баштапкы медициналык денгээлде дарылоо боюнча сунуштамалардын болушу;

– бейтаптардын укуктарын сактоо, кошумча төлөмдүн тиешелүү деңгээлдерин негиздүлүгү;

– клиникалык-статистика 0-66/у форманы (КСФ) толтурууда бейтаптын медициналык картасындагы маалыматтарга шайкеш келиши, жеңилдетилген категориялардын ж.б. маалыматтардын туралыгы;

– ж.б. экспертиза процессинде аныкталган башка көйгөйлөр.

Пландуу экспертиза жана стационардагы медициналык жардамдын сапатынын индикаторлорунун мониторинг өткөрүүнүн жыйынтыктары, негизги кемчиликтери, көйгөйлөрү маалымкат түрүндө жазылат, саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлери менен биргеликте талкууланат, медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу боюнча иш-чаралар пландаштырылат, КР ССМ караштуу ММК Фондунун сайтында “Ачык маалыматтар” бөлүмүндө http://foms.kg/open-data жайгаштырылат. КР Саламаттык сактоо министрлигине жиберилет.

Аймактык башкармалыктын адистери 6-айдын/жылдын жыйынтыктарынын негизинде облус, региондогу саламаттык сактоо уюмдарындагы сапатты контролдоонун бардык иш-чаралары, негизги кемчиликтери, көйгөйлөрү боюнча отчетту (скан вариант) ММК фондунун медициналык жардамдын сапатын контролдоо башкармалыгына жиберишет.

Жалпы профилдик стационарларда экспертиза жүргүзүү

Отчеттук мезгилде экспертизадан өтүүгө тийиш дарылоо учурлардын көлөмү:

– дарылоо учурлардын көлөмү бир жылда (өткөн жылдын жыйынтыгын эске алуу менен) 18000 чейин стационарларда 3% кем эмес мед.карталары. Минималдуу 50дөн кем эмес мед.карта каралыш керек;

– дарылоо учурлардын көлөмү бир жылда 18000-35000 чейин стационарларда 2% кем эмес мед.карталары;

– дарылоо учурлардын көлөмү бир жылда 35000 ашык стационарларда 1,5% кем эмес мед.карталары.

Экспертизанын түзүмү стационардын профилине жараша болот жана **саламаттык сактоо уюмунун бардык бөлүмдөрүн бирдей камтуу менен өткөрүлөт**. Милдеттүү турдө төмөнкү дарылоо учурлар каралыш керек:

– жүрөк-кан тамыр диагноздор менен дарылоо учурлар (анын ичинде курч жүрөктүн инфаркты, курч инсульт);

– коронавирустук инфекция боюнча дарылангандардын МКБ-10 U07.1/ U07.2 код менен (жок болгон учурда инфекция бөлүмдөрүндөгү медициналык карталар);

– балдар үчүн кыска мөөнөттү бөлүмдөрүндө дарыланган учурлар;

– 6-жашка чейин балдардын дарыланган учурлар;

– кош бойлук, төрөт, ымыркайлардын дарыланган учурлар;

– 24-саатка чейин шашылыш/тез жардам бөлүмдөрүндө дарыланган учурлар;

– хирургиялык бөлүмдөрдө, хирургиялык кийлигишүүсүз дарыланган учурлар

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– дарылоо учурларды талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча (“Дарылоо учур” маалымат системада).

Балдар үчүн стационарларда экспертиза жүргүзүү

Экспертизанын түзүмү стационардын профилине жараша болот жана саламаттык сактоо уюмунун бардык бөлүмдөрүн бирдей камтуу менен өткөрүлөт. Милдеттүү турдө төмөнкү дарылоо учурлар каралыш керек:

– 1-жашка чейин балдардын дарылоо учурлары;
– балдар үчүн кыска мөөнөттү бөлүмдөрүндө дарылангандар учурлар;
– 6-жашка чейин балддардын дарылангандар учурлар;
– хирургиялык бөлүмдөрдө, хирургиялык кийлигишүүсүз дарыланган учурлар
– дарылоо учурларды талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча (“Дарылоо учур” маалымат системада).

Төрөт үйлөрүндө/бөлүмдөрүндө экспертиза жүргүзүү

Экспертизанын түзүмү стационардын профилине жараша болот жана саламаттык сактоо уюмунун бардык бөлүмдөрүн бирдей камтуу менен өткөрүлөт. Милдеттүү турдө төмөнкү дарылоо учурлар каралыш керек:

– физиологиялык төрөт (O80-O84);
– патологиялык төрөт учурлар: негизги ДЗ O60-O75, оорунун татаалдашынын диагнозу (дз осложнения) O10-O16, O30-O48, O85-O92;
– кесарево операциясы менен төрөт учурлар;
– Z37.0 Z37.2 ымыркайлардын учурлары;
– P00-P96 диагноздор менен ымыркайлардын дарыланган учурлар.

Жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыктарын СЭБ адиси Simbase маалымат системадагы төмөнкү учеттук формаларга толтурат:

– стационарда дарыланган медициналык картаны экспертизалоо учеттук формасы (№2 ММК/у);
– стационарда медициналык картаны экспертизалодо кемчиликтер жок учеттук формасы (№6 ММК/ОМС/у).

Жогоруда бекитилген жана толтурулган №2 ММК/у, №6 ММК/у учеттук формалардын негизинде Программа №2 ММК/ отчетту түзөт.

Кургак учукка каршы стационарларда/бөлүмдөрдө экспертиза жүргүзүү

Экспертизанын түзүмү стационардын профилине жараша болот жана саламаттык сактоо уюмунун бардык бөлүмдөрүн бирдей камтуу менен өткөрүлөт. Милдеттүү турдө төмөнкү дарылоо учурлар каралыш керек:

– кургак учук диагнозу бактериологиялык же гистологиялык жактан тастыкталбаган (A 16.0 - A 16.9, 15.3), б. а. клиникалык жактан кана аныкталган диагноздор;
– кургак учуктун өпкөдөн тышкары формалары;
– кургак учуктун туруктуу формалары (МЛУ/ШЛУ);
– кыска мөөнөттө кайра госпиталдаштыруу дарылоо учурлар (“Дарылоо учур” программада ПИН колдонуу менен талдоо);
– пландуу госпиталдаштырууда ПИН көрсөтүлбөгөн дарылоо учурлар;
– кургак учук эмес диагноз менен ооруканага жаткыруунун бардык учурлары (“Дарылоо учур” программада Негизги диагноз колдонуу менен талдоо).

Жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыктарын СЭБ адиси Simbase маалымат системадагы төмөнкү учеттук формаларга толтурат:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– стационарда дарыланган медициналык картаны экспертизалоо учеттук формасы (№2 ММК/ОМС/у);

– стационарда медициналык картаны экспертизалодо кемчиликтер жок учеттук формасы (№6 ММК/ОМС/у).

Жогоруда бекитилген жана толтурулган №2 ММК/ОМС/у, №6 ММК/у учеттук формалардын негизинде Программа №2 ММК/О отчетту түзөт.

Адистиштирилген стационарларда (онкология/гематология, кардиохирургия, психиатрия) жана жеке менчик саламаттык сактоо уюмдарында жардамдын сапатын экспертиза жүргүзүү

Милдеттүү турдө төмөнкү дарылоо учурлар каралыш керек:

– стационардык/бөлүмдүн профилине туура келбеген диагноздор менен;

– 6-жашка чейин балдардын дарыланган учурлар;

– хирургиялык бөлүмдөрдө хирургиялык кийлигишүүсүз дарыланган учурлар;

– коштолгон (сопутствующие) диагноздордо дарылоонун клиникалык протоколдорго шайкеш келүүсү;

– онкологиялык жардам көрсөтүүчү стационарларда химиотерапия бөлүмдөрүндө дарыланган бейтаптардын инфекциялык жана токсикалык татаалдыктары (осложнения) менен дарылоо учурлар (алдын ала “Дарылоо учур” боюнча талдоо жүргүзүлөт);

– кардиохирургиялык ооруканаларда келишимге ылайык акысыз хирургиялык кийлигишүү укугуна ээ болгон жеңилдетилген категориялар;

Жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыктарын СЭБ адиси Simbase маалымат системадагы төмөнкү учеттук формаларга толтурат:

– стационарда дарыланган медициналык картаны экспертизалоо №2 ММК/у учеттук формасы;

– стационарда медициналык картаны экспертизалодо №6 ММК/у кемчиликтер жок учеттук формасы.

Жогоруда бекитилген жана толтурулган №2 ММК/у, №6 ММК/у учеттук формалардын негизинде Программа №2 ММК/ отчетту түзөт.

Зордук-зомбулук, кыйноолор жана катаал мамиле (Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген бардык саламаттык сактоо мекемелеринде) бейтаптар кайрылганда саламаттык сактоо уюмдарында медициналык документтердин болушунун жана туура толтурунун сапатына экспертиза жүргүзүү

Кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз, кадыр-баркты басмырлаган мамилени жана жазаны натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча Стамбул протоколунун принциптерин ишке ашыруу максатында бардык баштапкы жана стационардык саламаттык сактоо мекемелерине адамдар кайрылганда медициналык документтерди толтуруунун сапатына экспертиза жүргүзүлөт.

Экспертиза жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйругу менен бекитилген эсептик формалар, журналдар жана нускамалар менен иштейт. Сапатты баалоону жүргүзүүдө төмөнкү документтер талап кылынат:

– отчеттук мезгилде № 003-3/у толтурулган 5 кем эмес формалар;

– саламаттык сактоо уюмдарында зомбулук, кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө кайрылган адамдардын реестри.

Экспертизанын жүрүшүндө № 003-3/у форманын толтуруунун толуктугу жана сапаты “Зордук-зомбулук, кыйноо жана ырайымсыз мамиле жасоо фактылары боюнча кайрылууда (кабыл алууда) медициналык экспертизанын формасын толтуруу тартиби жөнүндө” Саламаттык сактоо министрлиги жагынан бекитилген нускамага ылайык бааланат. Жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыктарын СЭБ адиси

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

электрондук түрдө №15 ММК/у учеттук формасына толтурулат жана программа «№003-3/у формасын толтуруунун сапатын экспертизалоо» №15 ММК/О отчетту түзөт. Саламаттык сактоо уюмунда зомбулук учурларын эсепке алуу жол-жоболору жөнүндө ички буйруктун болушу, эсепке алуу керектүү документтер менен жетиштүү санда камсыздандырылганы аймактык башкармалыгынын маалымдамасына милдеттүү түрдө жазылат.

Жеке/мамлекеттик гемодиализ борборлорунда медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына экспертиза Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйруктарына ылайык жүргүзүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Медициналык жардамдын сапатын
экспертиза жүргүзүү методикасына
1-тиркеме

Медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүүдө эсептик/учеттук формалары

№ 1 ммк/у БМСЖ денгээлинде экспертиза жүргузүүнүн учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____

2. ҮДБ/ЖДПБ _____ ҮДТ _____

3. Бейтаптын аты-жөнү _____

ПИН _____ ММК статусу: камсыздырылган □ жок □

4. Изилдөө кемчиликтер: 1101□; 1102□; 1103□; 1104□; 1105 □; 2104 □

5. Байкоо схемасын туура эмес өткөрүү: 1205 □ 1207□; 1401□; 1402 □; 1403□; 1404□;

6. Дарылоо кемчиликтер: 1201□; 1202□; 1203□; 1208□; 1209 □;

7. ММК кошумча программанын кемчиликтери: 1210 □; 1601 □; 1602 □;

8. Негизсиз эмдөө календарын аткарылбаган учурлар 1405 □

9. Ооруканадан чыккандан кийин оорукананын сунуштары аткарылган жок: 1301 □1302 □

10. Көрсөтүү жок болгон учурда стационардык дарылоого негизсиз жиберүү 1204 □;

11. Башка кемчиликтер: 1206 □; 1211 □; 1212 □; 1501□; 1502□; 1503□; 1601□; 1602□; 2101 □; 2104; □; 2105 □

Адистин корутундусу (кемчиликтердин кодтору жана терс финансалык % жазылат) _____

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____
колу аты-жөнү

ҮДТ клиникалык башчысы _____ _____
колу аты-жөнү

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№ 5 ммк/у БМСЖ денгээлинде кемчиликтери жок мед. карталардын учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____

2. ҮДБ/ЖДПБ _____ ҮДТ _____

№	ССУ аталышы	ПИН

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1	2	3
Облус боюнча бардыгы		
Республика боюнча бардыгы		

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____
колу аты-жөнү

ҮДТ клиникалык башчысы _____ _____
колу аты-жөнү

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№7 ммк/у тез жардам бригадаларынын денгээлинде экспертиза жүргузүүнүн учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____
2. ССУ аталышы _____
3. Чакыруу картанын № _____ күнү / убактысы _____
4. Медициналык жардамдын көрсөтүлгөнү : туура □; туура эмес □
5. Бейтаптын аты-жөнү _____
6. Адрес _____
7. Изилдөө кемчиликтер: 1101□; 1102□; 1103□; 1104□; 1105 □; 2104 □
8. Байкоо схемасын туура эмес өткөрүү: 1205 □ 1207□; 1401□; 1402 □; 1403□; 1404□;
9. Дарылоо кемчиликтер: 1201□; 1202□; 1203□; 1208□; 1209 □;
10. Башка кемчиликтер: 1206 □; 1211 □; 1212 □; 1501□; 1502□; 1503□; 1601□; 1602□; 2101 □; 2104; □; 2105 □

Адистин корутундусу (кемчиликтердин кодтору жазылат) _____

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____
колу аты-жөнү

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№9 ммк/у тез жардам бригадаларынын денгээлинде экспертиза жүргузүүдө кемчилитер жок чакыруу карталардын учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____
2. ССУ аталышы _____

№	ССУ аталышы	Тез жардам чакыруу картанын №
1	2	3

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Облус боюнча бардыгы		
Республика боюнча бардыгы		

Адистин корутундусу (кемчиликтердин кодтору жазылат) _____

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____

колу аты-жөнү

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____

колу аты-жөнү

№ 2 ммк/у Стационардык денгээлде экспертиза жүргузүүнүн учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____
2. ССУ аталышы _____ бөлүмдүн аталышы_____
3. Бейтаптын аты-жөнү _____

ПИН _____ ММК статусу: камсыздырылган □ жок □

4. Категориясы: 4.1 6-жашка чейики балдар □, 4.2 кош бойлук, төрөт, төрөттөн кийинки учур □ 4.3. кыска мөөнөттү бөлүмдөр □. 4.4. терапия профилдеги бөлүмдөрү □ 4.5. хирургия профилдеги бөлүмдөрү □.

5. Стационардык картанын №_____

6. Негизги клиникалык диагнозу (10-эл аралык оорулардын классификация боюнча) _____

7. Ооруканага негизсиз жаткыруу: 0101 □

8. Изилдөө кемчиликтер: 0301 □ 0302 □ 0303 □

9. Дарлоо кемчиликтер 102 □ 0205 □ 0206 □ 0207 □ 0401 □ 0402 □ 0403 □ 0404 □ 0405 □ 0407 □ 0408 □ 0409 □ 0410 □ 0411 □ 0412 □

10. Башка кемчиликтер: 0201 □ 0204 □ 0208 □ 0210 □ 0501 □ 0502 □ 1503□ 2101 □ 2105 □ 2106 □ 2107 □

Адистин корутундусу (кемчиликтердин кодтору жана терс финансалык % жазылат) _____

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____

колу аты-жөнү

ҮДТ клиникалык башчысы _____ _____

колу аты-жөнү

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____

колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№ 6 ммк/у Стационардык денгээлде кемчиликтери жок мед. карталардын учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____

2. Стационар _____ _____

№	ССУ аталышы	ПИН	Категория пациента*
1	2	3	4
Облус боюнча			
Республика боюнча			

4.1 6-жашка чейики балдар □, 4.2 кош бойлук, төрөт, төрөттөн кийинки учурлар □ 4.3. кыска мөөнөттү бөлүмдөр □. 4.4. терапия профилдеги бөлүмдөрү □ 4.5. хирургия профилдеги бөлүмдөрү □.

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____

колу аты-жөнү

ҮДТ клиникалык башчысы _____ _____

колу аты-жөнү

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____

колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№ 15 ммк/у № 003-3/у форманы экспертиза жүргүзүүнүн учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____

2. ССУ аталышы _____ бөлүмдүн аталышы_____

3. Бейтаптын аты-жөнү _____ жазылган жок □

ПИН _____ ММК статусу: камсыздырылган □ жок □

4. № 003-3/у форманын толтуруунун тууралыгы (нускамага ылайык) туура толтурулган □

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

туура эмес тотурулган □

5. БМСЖ ССУнда кемчиликтер: Изилдөө кемчиликтер 0301 □ 0302 □ 0303 □ Дарылоо кемчиликтер 102 □ 0205 □ 0206 □ 0207 □ 0401 □ 0402 □ 0403 □ 0404 □ 0405 □ 0407 □ 0408 □ 0409 □ 0410 □, 0411 □ 0412 □ Башка кемчиликтер: 0201 □ 0204 □ 0208 □ 0210 □ 0501 □ 0502 □ 1503□ 2101 □ 2105 □ 2106 □ 2107 □

6. Стационар денгээлинде кемчиликтер: Ооруканага негизсиз жаткыруу: 0101 □ Изилдөө кемчиликтер: 0301 □ 0302 □ 0303 □ Дарылоо кемчиликтер 102 □ 0205 □ 0206 □ 0207 □ 0401 □ 0402 □ 0403 □ 0404 □ 0405 □ 0407 □ 0408 □ 0409 □ 0410 □ 0411 □ 0412 □ Башка кемчиликтер: 0201 □ 0204 □ 0208 □ 0210 □ 0501 □ 0502 □ 1503□ 2101 □ 2105 □ 2106 □ 2107 □

Адистин корутундусу (кемчиликтердин кодтору жана терс финансалык % жазылат) _____

Сапат бөлүмүнүн адиси _____ _____

колу аты-жөнү

ҮДТ клиникалык/стационардык бөлүмдүн башчысы _____ _____

колу аты-жөнү

СС уюмунун директору/башкы дарыгер _____ _____

колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№15-1 ммк/у № 003-3/у форманы экспертиза жүргүзүүдө кемчиликтер жок учеттук формасы

Экспертиза өткөрүү датасы «_____» _____ 20____

1. ММК фондунун аймактык башкармачылыгы _____

2. ССУ аталышы _____

№	ССУ аталышы	003-3/у форманын №
1	2	3
Облус боюнча бардыгы		
Республика боюнча бардыгы		

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Медициналык жардамдын сапатын
экспертиза жүргүзүү методикасына
2-тиркеме

Медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүүнүн жыйынтыктары бюнча отчеттору

№ 1 ММК/О ҮДБ/ЖПДБ/ҮДТ денгээлинде медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүнүн отчету

20 _____ ж . _____ отчеттук мезгилинде

№	ССУ аталышы	Экспертизадан өткөрүлгөн мед.карталардын бардык саны	Кемчиликтер жок мед.карталардын саны	Кемчиликтер бар мед.карталардын саны	Кемчиликтердин денгээли %	Изилдөө кемчиликтер	Байкоо кемчиликтер	Дарылоо кемчиликтер	ММК кошумча программанын кемчиликтери 1210, 1601, 1602	Негизсиз эмдөө календарын аткарылбаган учурлар 1405	Ооруканадан чыккандан кийин ооруканын сунуштары аткарылган жок1301, 0302	Көрсөтүү жок болгон 1204 учурда стационардык дарылоого негизсиз жиберүү	Башка кемчиликтер
A	B	C =D+ E	D	E=1+2+3 +4+5+6+ 7+8	F=E/C	1	2	3	4	5	6	7	8
Облус/респу блика боюнча бардыгы													

Аймактык башкармалыгынын сапат бөлүмүнүн башчысы _____ _____
колу аты-жөнү

Аймактык башкармалыгынын директору _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 5 ММК/О Тез жардам бригадаларынын денгээлинде экспертиза жүргүзүүнүн отчету

20 _____ ж . _____ отчеттук мезгилинде

№	ССУ аталышы	Экспертизадан өткөрүлгөн чакыруу карталардын бардык саны	Кемчиликтер жок карталардын саны	Кемчиликтер бар карталардын саны	Кемчиликтердин денгээли %	Изилдөө кемчиликтер	Байкоо скемчиликтер	Дарылоо кемчиликтер	Башка кемчиликтер
A	B	C =D+E	D	E=1+2+3 +4	F=E/C	1	2	3	4
	Облус/республик а боюнча бардыгы								

Аймактык башкармалыгынын сапат бөлүмүнүн башчысы _____ _____
колу аты-жөнү

Аймактык башкармалыгынын директору _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№ 2 ММК/О Стационар денгээлинде медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүүнүн отчету

20 _____ ж . _____ отчеттук мезгилинде

№	ССУ аталышы	Бейтаптын категориясы	Экспертизадан өткөрүлгөн мед.карталардын	Кемчиликтер жок мед.карталардын саны	Кемчиликтер бар мед.карталардын саны	Кемчиликтердин денгээли %	Ооруканага негизсиз жаткыруу	Изилдөө кемчиликтер	Дарылоо кемчиликтер	Башка кемчиликтер
A	B	C	D =E+F	E	F=1+2 +3+4	G=F/ D	1	2	3	4
		6-жашка чейин								

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

		и балдар								
		кош бойлук, төрөт, төрөттөн кийинки учур								
		Кыска мөөнөттүү бөлүмдөр								
		терапия профилдеги бөлүмдөрү								
		хирургия профилдеги бөлүмдөрү								
Облус/республика боюнча бардыгы										

Аймактык башкармалыгынын сапат бөлүмүнүн башчысы _____
колу аты-жөнү

Аймактык башкармалыгынын директору _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

№15 ММК/О №003-3/у форманы толтуруунун сапатын экспертиза жүргүзүүнүн отчету

№	ССУ аталышы	Экспертизадан өткөрүлгөн №003-3/у формалардын бардык саны	Кемчиликтер жок №003-3/у формалардын саны	Кемчиликтер бар №003-3/у формалардын саны	Кемчиликтердин денгээли %	БМСЖ денгээлиндеги кемчиликтер	Стационар денгээлиндеги кемчиликтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

A	B	C=D+E	D	E=1+2	F=E/C	1	2
	Облус/республика боюнча бардыгы						

Аймактык башкармалыгынын сапат бөлүмүнүн башчысы _____
колу аты-жөнү

Аймактык башкармалыгынын директору _____
колу аты-жөнү

мөөр коюу жер

Медициналык жардамдын сапатын
экспертиза жүргүзүү методикасына
3-тиркеме

Экспертиза жүргүзүүдө отчеттордун түзүлүшүнүн нускамасы

№1 БМСЖ/О ҮДТ/ҮМБда медициналык жардамдын сапатын экспертиза жүргүзүүнүн электрондук отчетун түзүү боюнча нускама

№1 ММК/О отчеттук форма ҮМБ/ҮДТда көрсөтүлүүчү медициналык жана профилактикалык кызматтардын сапатын экспертизалоо боюнча ведомстволук отчеттуулуктун документи болуп саналат.

№1 ММК/О отчеттук форма «Сапат экспертизасы» программалык камсыздоосу (мындан ары - Программа) «Excel» электрондук таблицасы жана «ҮМБ/ҮДТ сапат экспертизасы» жыйынды таблицасы автоматтык түрүндө ММКФ АБ ОЭК адистери тарабынан ҮМБ/ҮДТда медициналык жардамдын сапатына жүргүзүлгөн экспертизалардын натыйжасы боюнча толтурулган экспертизанын электрондук эсептик формаларынын негизинде түзүлөт: Бейтаптын БМСЖ денгээлинде экспертиза жүргүзүү учеттук формасы (№1 ММК/у формасы)жана БМСЖ денгээлинде кемчиликтер аныкталбаган №5 ММК/у формасы.

Программанын ишин координациялоо жана жөнгө салуу ММК фондунун АБ маалыматтык камсыздоо секторунун жана ММК фондунун маалыматтык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн жооптуу адистери тарабынан жүргүзүлөт.

№1 ММК/О ҮДБ/ЖПДБ/ҮДТ денгээлинде медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүүнүн отчету

1. «№ к/н» А графасында ССУнун катар номери коюлат.
2. «ССУнун аталышы» В графасында саламаттык сактоо уюмунун аталышы көрсөтүлөт.
3. «Экспертизадан өткөн медициналык карталардын саны» С графасында №1 эсепке алуу формаларынын жалпы санынан жана №5 формага киргизилген кемчиликсиз медициналык карталардын санынан түзүлөт.
4. «Кемчиликтери жок медициналык карталардын саны» D графасында №5 ММК/у эсепке алуу формаласына толтурулган мед.карталардын жалпы санынан түзүлөт.
5. «Кемчиликтер бар учурлардын саны» Е графасында №1 ММК/у формасынын 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8-графаларына киргизилген сандардын жалпы суммасынан түзүлөт.
6. «Кемчиликтердин денгээли %» F графасында №1 отчеттун Е/С киргизилген сандардын көрсөткүчү.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7. «Изилдөө кемчиликтери» 1-графасы №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 4-пунктунда көрсөтүлгөн кемчиликтердин коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
8. «Байкоо кемчиликтери» 2-графа №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 5-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
9. «Дарылоо кемчиликтер» 3-графасы №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 6-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
10. «ММК кошумча программанын кемчиликтери» 4-графа №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 7-пунктунда көрсөтүлгөн оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
11. «Негизсиз эмдөө календарын аткарылбаган учурлар» 5-граф**а** №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 8-пунктунда көрсөтүлгөн оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
12. «Ооруканадан чыккандан кийин оорукананын сунуштары аткарылган жок» 6-графа №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 9-пунктунда көрсөтүлгөн оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
13. «Көрсөтүү жок болгон учурда стационардык дарылоого негизсиз жиберүү» 7-графа №1 ММК/у эсепке алуу формаларынын 10-пунктунда көрсөтүлгөн оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
14. Башка кемчиликтер» 8-графасы №1ММК/у эсепке алуу формаларынын 11-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
15. Облус ССУ/республика ССУ боюнча жыйынтыктоо көрсөткүчтөр

№5 ММК/О Тез жардам бригадаларынын денгээлинде экспертиза жүргузүүнүн отчету

1. А графасына саламаттык сактоо уюмунун катар номери коюлган.
2. В графасында саламаттык сактоо уюмдарынын аталыштары көрсөтүлгөн.
3. С графасында экспертизадан өткөн чакыруу карталарынын жалпы саны коюлган. №7 эсепке алуу формаларынын жалпы санынан жана №9 формага киргизилген кемчиликсиз медициналык карталардын санынан түзүлөт.

4. «Кемчиликтери жок медициналык карталардын саны» D графасында №9 ММК/у эсепке алуу формасына толтурулган бардык мед.карталардын жалпы санынан түзүлөт.

5. «Кемчиликтер бар учурлардын саны» Е графасында №7 ММК/у бардык эсепке алуу формаларынын толтурулган жалпы санынан түзүлөт жана 1,2,3,4-графалардын суммасына барабар Е=1+2+3+4

6. «Кемчиликтердин денгээли %» F графасында Е/С киргизилген сандардын көрсөткүчү.

7. «Изилдөө кемчиликтери» 1-графасы №7 ММК/у эсепке алуу формаларынын 7-пунктунда көрсөтүлгөн кемчиликтердин коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.

8.«Байкоо кемчиликтери» 2-графа №7 ММК/у эсепке алуу формаларынын 8-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.

9. «Дарылоо кемчиликтер» 3-графасы №7 ММК/у эсепке алуу формаларынын 9-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.

10. Башка кемчиликтер» 4-графасы №7 ММК/у эсепке алуу формаларынын 10-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.

11. Облус ССУ/республика ССУ боюнча жыйынтыктоо көрсөткүчтөр

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 2 ММК/О Стационар денгээлинде медициналык жардамдын сапатына экспертиза жүргүзүүнүн отчету

1. А графасында саламаттык сактоо уюмунун катар номери коюлат.
2. В графасында саламаттык сактоо уюмдарынын аталыштары көрсөтүлөт.
3. С графасында Бейтаптын категориялары №2 ММК/у эсепке алуу формасынын 4-пунктунда жана №6 ММК/у формасынын 5-графасында көрсөткүчтөрүнүн суммасынан түзүлөт: 6-жашка чейики балдар кош бойлук, төрөт, төрөттөн кийинки учур Кыска мөөнөттү бөлүмдөр терапия профилдеги бөлүмдөрү хирургия профилдеги бөлүмдөрү
4. D графасында экспертизадан өткөн мед. карталарынын жалпы саны коюлат. №2 ММК/у эсепке алуу формаларынын жалпы санынан жана №6 форманын бардык медициналык карталардын санынан түзүлөт. D =E+F
5. «Кемчиликтери жок медициналык карталардын саны» Е графасында №6 ММК/у эсепке алуу формасынын бардык мед.карталардын жалпы санынан түзүлөт.
6. «Кемчиликтер бар учурлардын саны» F графасында №2 ММК/у формасынын 6, 7, 8, 9, 10 пунктарындагы көрсөтүлгөн оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт жана 2 ММК отчеттун 1,2,3,4-графалардын суммасына барабар F=1+2+3+4
7. «Кемчиликтердин денгээли %» G графасында F/D киргизилген сандардын көрсөткүчү.
8. «Ооруканага негизсиз жаткыруу» №2 ММК/у эсепке алуу формсынын 7-пунктунда көрсөтүлгөн кемчиликтердин коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
9. «Изилдөө кемчиликтери» №2 ММК/у эсепке алуу формасынын 8-пунктунда көрсөтүлгөн кемчиликтердин коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
10. «Дарылоо кемчиликтери» №2 ММК/у эсепке алуу формасынын 9-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
11. Башка кемчиликтер» №2 ММК/у эсепке алуу формасынын 10-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
12. Облус ССУ/республика ССУ боюнча жыйынтыктоо көрсөткүчтөр

№15 ММК/О № 003-3/у форманы толтуруунун сапатын экспертиза жүргүзүүнүн отчету

1. А графасына «№ к/н» ССУнун катар номери коюлат.
2.«Саламаттыкты сактоо мекемесинин аталышы» В графасында саламаттык сактоо уюмунун аталышы көрсөтүлөт.
3. С графасында экспертизадан өткөн 03-3/у формалардын жалпы саны коюлат: №15 ММК/у жана №15-1 ММК/у эсепке алуу формаларынын жалпы санынан C=D+E
4. «03-3/у форманы толтурууда кемчиликтери жок медициналык карталардын саны» D графасында №15-1 ММК/у эсепке алуу формасынын бардык мед.карталардын жалпы санынан түзүлөт.
5. «Кемчиликтер бар учурлардын саны» Е графасында №15 ММК/у формасынын 5, 6 - пунктарындагы көрсөтүлгөн оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт жана 15 ММК отчеттун 1,2-графалардын суммасына барабар E=1+2
6. «Кемчиликтердин денгээли %» F графасында E/C киргизилген сандардын көрсөткүчү.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7. БМСЖ денгээлинде кемчиликтер №15 ММК/у эсепке алуу формасынын 5-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
8. Стационар денгээлинде кемчиликтер №15 ММК/у эсепке алуу формасынын 6-пунктунда көрсөтүлгөн коддоруна жанаша коюлган оң белгилердин жалпы санынан түзүлөт.
9. Облус ССУ/республика ССУ боюнча жыйынтыктоо көрсөткүчтөр.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 161, 21.02.2025
Кол койгон: Чечейбаев Э.М., 21.02.2025

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
20____-жылынын «_____» «_____»
№ _____ буйругуна 3-тиркеме

Медициналык жардамдын сапатынын индикаторлоруна мониторинг жүргүзүү методикасы

Методика медициналык жардамдын сапатынын индикаторлоруна мониторинг жүргүзүүнүн эрежелерин аныктайт.

КР ССМ буйругу менен бекитилген медициналык жардамдын сапатынын индикаторлорунун аныктыгын пландуу экспертиза жүргүзүү учурунда жарым жылда 1-жолу мониторинг жүргузүлөт.

"Медициналык жардамдын сапатынынын индикаторлорунун аткаруусуу" маалымат системага онлайн режиминде саламаттык сактоо уюмдары (ССУ) индикаторлордун пландуу көрсөткүчтөрүн жылына 1- жолу "ССУ маалыматтары" графасына толтурушат.

Сапат индикаторлорунун аткарылышын ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын (АБ) сапатты экспертизалоо бөлүмдөрүнүн (мындан ары - СЭБ) адистери тарабынан жүргүзүлөт. Мониторинг жүргүзүүгө ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын башка бөлүмдөрүнүн адистери тартылышы мүмкүн. Мониторингдин натыйжалары "Медициналык жардамдын сапатынынын индикаторлорунун аткаруусуу" маалымат системага "ММКФ АБ маалыматтары" графасына толтурулат. Мониторингдин маалыматтарын маалымат системада редакциялоо жана аяктоо отчеттук мезгилден кийинки 5-числодон кечиктирилбестен жүргүзүлөт. Отчеттук мезгилден кийинки 6-күнүнөн баштап маалыматтарын редакциялоого жол берилбейт.

ММКфондуну АБ СЭБ адистери ССУ кызматкерлери менен мониторингдин жыйынтыктарын талкуулайт жана индикаторлордун маалыматтарын аткаруу боюнча көйгөйлөр боюнча иш-чараларды аныкташат. Аналитикалык маалымкат түзүлүп, анда жыл аягына чейин иш-чараларды өткөрүү боюнча сунуштар көрсөтүлөт.

Кийинки мониторингди жүргүзүүдө ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын адистери буга чейинки мониторингде аныкталган кемчиликтерди жоюуга көңүл бурушат. Андан тышкары, 12-айдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча жыйынтыктары жана сунуштары менен аналитикалык маалымкат түзүлөт, ММК Фондунун “Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү” башкармалыгына электрондук форматта отчеттук мезгилден кийинки айдын 10нан кечиктирилбестен жөнөтүлөт. Отчеттордун маалыматтарынын негизинде республика боюнча келишимдердин индикаторлорунун аткарылышына, көрсөтүлгөн медициналык жардамдын сапатына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарына талдоо жүргүзулөт жана баа берилет. Медициналык жардам көрсөтүүнүн сапаты төмөн болгон учурда ММК фонду бейтаптар үчүн аймактык таандыктыгын жана ыңгайлуулугун эске алуу менен кыйла сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүчү ССУ менен медициналык жардам көрсөтүүгө келишим түзүшү мүмкүн.

I. Саламаттык сактоо уюмдарында тез жардам бригадалары көрсөтүүчү медициналык жардамдын сапат индикаторлорунун аткарылышына мониторинг

А варианты: эгерде даараткана сыртта болсо, анда ал төмөнкү талаптарга жооп берет: бейтаптар үчүн жеткиликтүү; таза, эшиги ичинен жабылат; даарат кагазы бар; иштеп жаткан жарыгы бар; капкагы бар таштанды челеги бар, тазалоо графиги, акыркы тазалоо боюнча кызматкерлердин белгилери бар.

В варианты: эгерде даараткана ҮДТ ичинде болсо, анда ал талаптарга жооп берет: бейтаптар үчүн жеткиликтүү; жагымсыз жыттар жок; эшиги ичинен жабылат; жуугуч бачок иштейт, агын суу бар; даарат кагазы, даараткана щеткасы бар; иштеп жаткан жарык бар; капкагы бар таштанды челеги бар, даараткананы тазалоо графиги бар, кызматкерлердин акыркы тазалоо белгилери бар.

Баалоо эрежеси: *ҮДТ даараткасы бейтаптар үчүн жеткиликтүүлүгүн, тазалыгын, даарат кагазынын, жарыктандыруунун, капкагы бар таштанды контейнеринин, тазалоо иштери жүргүзүлгөндүгү тууралуу белгилери бар даараткананы тазалоо графигинин болушун текшерүү зарыл. Эгерде бардык талаптар аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бул критерийдин бир талабы аткарылбаса 0 балл коюлат.*

3-КАТЕГОРИЯ: 6 жашка чейинки балдарга кызмат көрсөтүүнүн сапаты

3.1. 0 жаштан 1 жашка чейинки балдарга медициналык жардам

Баалоо эрежеси: *Амбулатордук электрондук карта «Sanarip clinic»* автоматташтырылган *маалымат базасынан акыркы отчеттук (баалануучу) мезгил ичинде ҮДТна кайрылган 10 дени сак 1 жашка чейинки балдардын медициналык картасын көрүүнүн тизмеси максаттуу*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

тандап алуу. КР ССМ 2024-жылдын 23-апрелиндеги № 422 буйругуна ылайык баланын медициналык картасына талдоо жүргүзүү жана УДТнын ишине төмөнкү критерийлер боюнча баа берүү. Бардык талаптарга жооп берген учурда, ар бир картага тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса - 0 балл коюлат.

Медициналык документтердин шайкештиги текшерилет:

3.1.1. Баланын медициналык картасын толтуруу негизги талаптарга жооп берет: а) ата-энесинин телефон номери менен бала жөнүндө толук жеке маалыматтары, б) төрөт үйүнөн чыккандан кийинки алгачкы медициналык кызматкерлердин кароо маалыматтары, ошондой эле патронаждык жазуулар жана эне менен баланы кароонун маалыматтары.

Баалоо эрежеси: *баланын медициналык картасын жана кош бойлуу аялдын жеке картасын текшерүү.*

3.1.2. 1 жашка чейинки балдардын физикалык өсүүсүнө жана ден соолугуна толук баалоо жүргүзүлөт. Ата-энелер туура тамактануу жана балдарды багуу боюнча кеңеш алыштыбы. Ата-энелер балдарын туура багуу боюнча кеңеш алыштыбы**.** ***Баалоо эрежеси:*** *динамикада антропометриялык маалыматтардын болушун, ата-энелердин туура тамактануу жана балдарды багуу боюнча консультациядан өткөндүгүн тастыктоо, физикалык өсүүшүү жана башкаларды текшерүү.*

3.1.3. УДТда 1 жашка чейинки балдар профилактикалык эмдөөлөрдүн улуттук календары боюнча эмдөөдөн өтөт. ***Баалоо эрежеси:*** *календарга ылайык эмдөөлөрдү жүргүзүү үчүн баланын медициналык картасын текшерүү. Эгерде медициналык көрсөтмөсүз эмдөөдөн баш тартуу болсо, анда критерий аткарылбаган деп эсептелет.*

3.1.4. УДТда 1 жашка чейинки балдар темир микроэлементтеринин жетишсиздигине (аз кандуулук) текшерилет. ***Баалоо эрежеси:*** *баланын медициналык картасынан темирдин жетишсиздигин текшерүү, андан кийин саплементациялоо жана кийинки саплементация менен. Аз кандуулукта тиешелүү дарылоо жүргүзүлөт (КР ССМ 2023-жылдын 10-мартындагы № 259 буйругуна ылайык);*

3.1.5. 1 жашка чейинки балдарга көрсөтмө болгондо ММК КП боюнча темир препараттарына рецепт жазылганбы. ***Баалоо эрежеси:*** *6 айлык жана 2 айлык эрте төрөлгөн балдарга ММК КП боюнча темир препараттарын жазып берилгенби, балдардын тандалып алынган өнүгүү тарыхын текшерүү, 6 айга чейинки балдар (толук мөөнөттүү) жана 2 айга чейин (ара төрөлгөндөрдө) "ooба" деп коюлат. Эгерде ММК КП боюнча рецепттер жазылып берилсе, критерий аткарылды деп эсептелет.*

3.2. 1 жаштан 6 жашка чейинки балдарга медициналык жардам

Баалоо эрежеси: *Амбулатордук электрондук карта «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан акыркы отчеттук (бааланууучу) мезгил ичинде УДТна кайрылган 5 дени сак жан 5 ооруп келген 1 жаштан 6 жашка чейинки балдардын медициналык картасын кокусунан же максаттуу тандап алуу. КР ССМ 2024-жылдын 23-апрелиндеги № 422 буйругуна ылайык баланын медициналык картасына талдоо жүргүзүү жана УДТнын ишине төмөнкү критерийлер боюнча баа берүү. Бардык талаптарга жооп берген учурда, ар бир картага тиешелүү балл ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса - 0 балл коюлат.*

Медициналык документтердин шайкештиги текшерилет:

3.2.1. Баланын медициналык картасын толтуруу негизги талаптарга жооп берет: а) ата-энесинин телефон номери менен бала жөнүндө толук жеке маалыматтары, б) физикалык өнүгүүсүнө жана ден соолукка толук баа берилет. в) ата-энелер туура тамактануу жана балдарды багуу боюнча консультацияларды алышты. ***Баалоо эрежеси:*** *баланын өнүгүү тарыхын бардык талаптарга ылайыктуулугун текшерүү. Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу балдардын дене-бой жана ден-соолугуна курагы боюнча баа берет.*

3.2.2. УДТда 1 жаштан 6 жашка чейинки балдар профилактикалык эмдөөлөрдүн улуттук календары боюнча эмдөөдөн өтүшөт. ***Баалоо эрежеси:*** *календарга ылайык эмдөөнүн тарыхын текшерүү. Эгерде медициналык картада медициналык көрсөтмөсүз жок эмдөөдөн баш тартуу жөнүндө жазуулар болсо, анда критерий аткарылбаган деп*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН ВЕКИТИЛГЕН

эсептелет.

3.2.3. ҮДТ: а) дени сак балдарга негиздүү жүргүзүлөт: а) лабораториялык анализдер жана башка изилдөөлөр, б) консультациялар.

Б) оорулуу балдарга адекваттуу клиникалык кароо жүргүзүлгөнбү: а) коркунучтун жалпы белгилерин аныктоо (жөтөл жана дем алуунун кыйындашы, ич өткөк, ысытма, ангина, кулак оору), температураны өлчөө, ЧД, АД, жүрөктүн кагышы, сатурации; б) лабораториялык анализдер дайындалып, клиникалык диагноз коюлган.

Баалоо эрежеси: *дени сак жана оорулуу балдардын өнүгүү тарыхында КП/КРга ылайык жүргүзүлгөн консультациялардын, негиздүү лабораториялык жана инструменталдык изилдөөлөрдүн бар экендигине текшерүү.*

3.2.4. ҮДТ: А) 2 жашка чейинки дени сак балдарга саплементация өткөрүлгөнбү.

Б) оорулуу балдарга КП/КР ылайык дарылоо жүргүзүлгөнбү. ***Баалоо эрежеси:*** *баланын өнүгүү тарыхын бардык талаптардын болушун текшерүү, көрсөтүлгөн бардык талаптар аткарылбаган учурда критерий аткарылбаган болуп эсептелет (дени сак балдарга саплементация жүргүзүлгөн эмес, оорулуу балдарга КП/КР ылайык келбеген дарылоо жүргүзүлгөн). Эскертүү: 2 жаштан 6 жашка чейинки дени сак балдарда дарылануга көрсөтмө жок болсо "ооба" деп коюлат.*

3.2.5. Көрсөтмөлөр болгон учурда ММК КП боюнча дары-дармектер жазылганбы. ***Баалоо эрежеси:*** *ММК КП боюнча ДК жазып берүүгө балдардын тандалып алынган өнүгүү тарыхын текшерүү. Эгерде көрсөткүчтөр болгондо ММК КП боюнча рецепт жазылбаса, анда критерий аткарылган жок деп эсептелет. Эскертүү: көрсөтмөлөр жок болгон учурда "ооба" деп коюлат.*

3.3. 6 жашка чейинки балдарга шашылыш жардам көрсөтүүнү баалоо

3.3.1. ҮДТ медициналык кызматкерин 6 жашка чейинки балдарга тез жардам көрсөтүү боюнча практикалык көндүмдөрүн баалоо

Баалоо эрежеси: *кокус тандоо ыкмасы менен кызматкерлердин тизмесинен медициналык адисти тандайбыз. Тандалган кызматкер андан кийин эки кечиктирилгис абалдын бирин тандайт, а) ТДН жана б) балдардын талмасы. Бул Текшерүү барагы 3.3.1.а. жана 3.3.1.б. стандартташтырылган жана клиникалык протоколдон жана колдонмодон ылайыкташтырылган* (КР ССМ 2024-ж. 7-августунун № 840 буйругу). *Эксперт медициналык адистин көрсөткөн практикалык көндүмдөрүн баалашы керек, 2 же андан көп туура эмес жоопторго 0 балл ыйгарылат. Туура жоопторго менен тиешелүү баллдар берилет.*

3.4. 6 жашка чейинки балдардын ата-энелеринин маалымдуулук жана канааттануу деңгээли

Баалоо эрежеси: *Амбулатордук электрондук карта «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан отчеттук (бааланууучу) мезгилде ҮДТда кызмат алган 6 жашка чейинки балдардын 5 медициналык картасын кокусунан тандап алуу. Ар бир баланын ата-энесине чалып, төмөндөгү 5 суроону бериңиз.*

Эгерде жооптор баланын өнүгүү тарыхындагы жазууларга дал келсе 1 балл берилет, дал келбесе – 0 балл берилет.

Балдардын ата-энелеринин маалымдуулугунун жана канааттануусунун деңгээли жогорку деңгээлге ылайык келген учурда бул индикатор боюнча максималдуу 25 балл эсептелет.

Эскертүү: эгерде баланын өнүгүү тарыхында ата – энесинин телефон номери жок болсо «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан тандоону улантып, 5 баланын ата-энесине сурамжылоо жүргүзсүн.

3.4.1. 1-суроо: Төрөт үйүнөн чыккандан кийин медициналык кызматкерлер сизге жана балага (ымыркай) жашоонун биринчи жумасында барыштыбы (эгер жаңы төрөлгөн болсо)? Эгерде бала 1 жаштан жогору болсо: акыркы жолу качан дарыгердин кабыл алуусуна баргансыз? ***Баалоо эрежеси:*** *эгерде жооптор баланын өнүгүү тарыхындагы жазууларга дал келсе, анда 1 балл берилет, дал келбесе 0 балл.*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3.4.2. 2-суроо: Сиз билесизби (кандай учурларда) балада кандай коркунучтуу белгилерди байкаганда, тезинен доктурга баруу же дарыгерди чыкыруу керек?
Баалоо эрежеси: *эгерде жоопто ата – эне төмөнкү критерийлердин жок дегенде 3үн көрсөтсө: "дем алуунун кыйындашы; цианоз (баланын тилинин жана ооз көңдөйүнүн былжыр челинин көгөрүшү); эсин жоготуу; судороги (талма); температура; иче албайт же эме албайт; ичи өтүү; ар кандай тамактан же суусундуктан кийин кусуу ж.б." – 1 балл берилет, эгерде айтып бере албаса-0 балл.*

3.4.3. 3-суроо: Балага дары-дармек каражаттарын ММКнын жеңилдетилген рецепттери менен жазып бериштиби? ***Баалоо эрежеси:*** *эгерде жоопто "Ооба" жеңилдетилген рецепттери менен арзан сатып алдык десе – 1 балл ыйгарылат, эгерде жок деп жооп – 0 балл.*

3.4.4. 4-суроо: Сиздин үй-бүлөлүк дарыгерлер тобундагы бардык кызматтар бекер көрсөтүлдүбү же бир нерсеге төлөдүңүзбү?
Баалоо эрежеси: *эгерде жоопто "Ооба" бала үчүн кызматтар бекер көрсөтүлдү десе 1 балл берилет, ал эми жоопто медициналык кызмат үчүн акы төлөнсө: (врачтын кабыл алуусу, адистин консультациясы, манипуляция жүргүзүү, УДТ/УМБ деңгээлинде акысыз жүргүзүлүүчү лабораториялык изилдөөлөр үчүн төлөнгөн болсож.б.) – 0 балл.*

3.4.5. 5-суроо: Сиз УДТнын ишине канааттандыңызбы: (кезек күтүү; өз убагында көрсөтүлгөн медициналык кызмат; медперсоналдын мамилеси; алынган маалыматтын толуктугу, консультация алууда)? Алардын ишин беш баллдык шкала боюнча баалаңыз (0дөн 5 баллга чейин).
Баалоо эрежеси: *эгерде ата –эненин жообу "4-5" болсо – 1 балл, "3-1" болсо – 0 балл ыйгарылат.*

4-КАТЕГОРИЯ: Кош бойлуу аялдарды тейлөө боюнча жардамдардын сапаты

4.1. Антенаталдык жардам
Баалоо эрежеси: *Амбулатордук электрондук карта «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан акыркы отчеттук (бааланууучу) мезгил ичинде УДТна кайрылган 10 кош бойлуу аялдын индивидуалдык медициналык картасын кокусунан же максаттуу тандап алуу. КР ССМ 2023-жылдын 10-мартындагы № 259 буйругуна ылайык кош бойлуулардын жеке карталарына талдоо жүргүзүү жана УДТнын ишине төмөнкү критерийлер боюнча баа берүү. Бардык талаптарга жооп берген учурда, ар бир картага тиешелүү балл ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса – 0 балл коюлат.*

4.1.1. Кош бойлуу аялдын жеке картасын жүргүзүү негизги талаптарга жооп берет: а) телефон номерлери менен кош бойлуу аялдын толук жеке маалыматтары, б) алгачкы кароонун датасы жана убактысы, в) кош бойлуулугунун жана өмүрүнүн тарыхы, г) ММК Полисинин болушу.
Баалоо эрежеси: *Бардык талаптарга жооп үчүн карталарды текшериңиз.*

4.1.2. Клиникалык протоколго ылайык клиникалык текшерүү жана байкоо жүргүзүлөт: кан басымы, жүрөктүн кагышы жана ритми, дене температурасы, салмагы, бою, ЧД өлчөнөт, акушердик статуска баа берилет; тобокелдик факторлорун баалоо; кош бойлуулуктун 25 жумасынан баштап гравидограмма туура толтурулганбы. Жогорку тобокелдиктеги кош бойлуулукта консультанттын /консилиумдун жазууларынын жолдомосун жана толуктугун жана 025-4/у таризделген жолдомо текшерилет.
Баалоо эрежеси: *бардык талаптар үчүн карталарды текшериңиз. Кош бойлуу аялдын жеке картасында клиникалык кароодон өткөндүгү жөнүндө жазууларды, кош бойлуулуктун 25-жумасынан тартып гравидограмманы толтурууну, тобокелдик факторлорун баалоону жана көрсөткүчтөр болгон учурунда КР ССМ 2017-ж. 24-февралындагы № 153 буйругуна ылайык өз убагында кайра багыттоону текшерүү зарыл.*

4.1.3. Клиникалык протоколго ылайык изилдөөлөр жүргүзүлөт: Кандын группасы жана резус фактору аныкталды; RW жана ВИЧтин кан анализинин жыйынтыгы, кандын жалпы анализи биринчи барганда жана кош бойлуулуктун 28 жумасында В жана С

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

гепатитине изилдөөлөр жыйынтыгы, зааранын жалпы анализи, белоктун заарасы (ар бир барганда аныкталат), тобокелдик факторлорун баалоо, кош бойлуулуктун 10-13 жума 6 күнүндө жана 18-20 жума 6 күндүк мөөнөттө эрте УЗИ жүргүзүлдү. Биринчи барганда кандагы глюкоза аныкталат. Глюкозотолеранттык тест (ПГТТ) 24 жумадан 28 жумага чейин кош бойлуу аялдарга гана веналык кан плазмасындагы глюкоза норманын чегинде болгон (≥3,9 жана <5,1 ммоль/л) биринчи барганда, кош бойлуулуктун биринчи үч айында мамлекеттик ССУ (акысыз негизде) бактериурияга зааранын анализи өткөрүлгөн (зааранын Грам боюнча боелушу, зааранын тунмасынын микроскопиясы, зааранын орточо порциясын бактериялык культурасы).

* **Эскертүү:** зааранын Грам менен боелушунун же зааранын тунмасынын микроскопиясынын оң (положительный) жыйынтыгында, кош бойлуу аялды бак. посевге жөнөтөт.

Баалоо эрежеси: *КП/КР ылайык жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негиздүүлүгүн кош бойлуу аялдын жеке картасын текшерүү.*

4.1.4. Клиникалык протоколго ылайык профилактикалык дайындоолор жүргүзүлөт: темир, калий йодид, фолий кислотасы, гельминтке каршы, ацетилсалицил кислотасы 100-150 мг дозада 12 жумадан 37 жумага чейин дайындалат (преэклампсияга жогорку тобокелдик топторунда), кош бойлуулуктун анемиясы аныкталганда, "Темир жетишсиздик анемиясы: скрининг, алдын алуу жана дарылоо" КП ылайык дарылоо дайындалат (КР ССМ 2023-ж. 10-мартындагы № 259 буйругу).

Баалоо эрежеси: *КП/КР ылайык бардык талаптардын бар экендигин картадан текшерүү.*

4.1.5. Төрөт боюнча даярдоо мектеби өткөрүлөт.

Баалоо эрежеси: *кош бойлуу аялдын төрөт боюнча мектепке баруу боюнча жеке картасында жазуулар текшерилиши керек. Жеке карталардын маалыматтарын төрөткө даярдоо мектебине угуучуларды каттоо журналындагы маалыматтар менен салыштыруу (КР ССР 2021-ж. 7-декабрындагы № 1638 буйругу).*

4.1.6. Дары-дармек каражаттарын ММКнын жеңилдетилген рецепттери менен жазып берилет.

Баалоо эрежеси: *ММК КП боюнча ДК жеңилдетилген рецепт жазылганын кош бойлуулардын жеке карталарын текшерүү. ММК КП боюнча рецепттердин номери жок болгон учурда критерий аткарылган жок деп эсептелет ("Жок"деген белги коюлат).*

4.2. Оор преэклампсияда шашылыш жардам көрсөтүүнү баалоо

4.2.1. Оор преэклампсияда шашылыш жардам көрсөтүүдө медициналык кызматкердин практикалык көндүмдөрүн баалоо

Баалоо эрежеси: *Оор преэклампсияда кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын баалоодо УДТ кызматкерлеринин тизмесинен бир медициналык кызматкерди туш келди тандап алуу зарыл. "Преэклампсияга шашылыш жардам көрсөтүү боюнча" тандалган кызматкердин билимин жана көндүмдөрүн ролдук оюн түрүндө баалоо керек № 4.2.1. Текшерүү баракчасынын колдонуу менен. Эгерде медкызматкер оор преэклампсиянын 5 жана андан ашык клиникалык белгилерин санаса; КП/КРга ылайык тез арада магнезиялык жана гипотензиялык терапия жүргүзүү жөнүндө билсе (КР ССМ 2018-ж. 21-ноябрынын № 785 буйругу); ошондой эле тез арада төрөт бөлүмүнө жаткырууну кантип уюштырууну билсе, анда тиешелүү баллдар ыйгарылат, 2 же андан көп туура эмес жооптордо 0 балл коюлат.*

4.3. Кош бойлуу аялдардын маалымдуулук жана канааттануу деңгээли

Кош бойлуу аялдардын маалымдуулугунун жана канааттануусунун деңгээлин баалоо үчүн отчеттук (бааланууучу) мезгилде УДТда кызмат көрсөтүүлөрдү алган 5 кош бойлуу аялдардын жеке картасын «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан тандоо зарыл.

Баалоонун эрежеси: *Кош бойлуу аялдардын жеке картасында телефон номеринин бар экендигин текшерүү, ар бир кош бойлуу аялга чалуу жана алардын ар бирине 5 суроо берүү зарыл. Эгерде жеке картада кош бойлуу аялдын телефон номери көрсөтүлбөсө же чалууга мүмкүн болбосо, «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

сурамжылоо үчүн башка кош бойлуу аялдардын тандоосун улантуу зарыл. Эгер жооп туура болсо жана кош бойлуу аялдын картасындагы жазууга дал келсе, анда 1 балл берилет, эгер дал келбесе – 0.
Кош бойлуу аялдын маалымдуулугу жана канааттануусу жогору болгон учурда бул индикатор боюнча максималдуу 25 балл эсептелет.

4.3.1. 1-суроо: Кош бойлуулуктун кайсы жумасында алгач доктурга кайрылдыңыз? Сураныч, кош бойлуулук боюнча кандай кызматтарды алдыңыз?
Баалоо эрежеси: *эгерде жооп төмөнкүдөй болсо: (кандын группасын жана резус факторун аныктоо; фолаттарды, йодду, темирди дайындоо; тобокел тобундагы аспиринди дайындоо; УЗИ; бактериурияга зааранын анализдөө; RW жана ВИЧке канды анализдөө, кош бойлуулуктун коркунучтуу белгилери). Эгерде жооптор кош бойлуу аялдын жеке картасындагы жазууга дал келсе-1 балл берилет, эгер дал келбесе-0.*

4.3.2. 2-суроо: Сиз билесизби кош бойлуулуктун кайсы коркунучтуу белгилери болгондо доктурга көрүнүшү керек же доктурду чыкырыш керек?
Баалоо эрежеси: *Эгерде кош бойлуу аял 3төн кем эмес коркунучтуу белгини айтып берсе (баш оору, кусуу, кан агуу, амниотикалык суюктуктун куюлушу, түйүлдүктүн начар кыймылдашы же кыймылдын жоктугу, ичтин ылдый жагында катуу оору, дене табынын көтөрүлүшү ж.б.) – 1 балл, 3 белгиден аз болсо -0.*

4.3.3. 3-суроо: ММКнын жеңилдетилген рецепттери боюнча дары-дармектерди арзандатуу менен сатып алдыңызбы?
Баалоо эрежеси: *Эгерде "Ооба", ММК КП боюнча жеңилдетилген рецепт жазылып берилген жана биз аларды жеңилдик менен сатып алдым (фолий кислотасы, калий йодид, темир препараттары же башкалар), анда 1 балл берилет, эгерде жооп "Жок" болсо – 0 балл.*

4.3.4. 4-суроо: Сиз үчүн бардык кызматтар жеткиликтүү болдубу же бир нерсе үчүн акы төлөдүңүзбү?
Баалоо эрежеси: *Эгерде жоопто "ооба" кызмат мага жеткиликтүү болду десе, анда 1 балл берилет, ал эми жоопто медициналык кызмат үчүн акы төлөнсө: (кезекте күтүү; өз убагында көрсөтүлгөн медициналык кызмат; медперсоналдын мамилеси; алынган маалыматтын толуктугу, консультация берүү көндүмдөрү) – 0 балл. Алардын ишин беш баллдык шкала боюнча баалаңыз (0дөн 5 баллга чейин).*

4.3.5. 5-суроо: Сиз УДТнын ишине канааттандыңызбы (кезек күтүү; өз убагында көрсөтүлгөн медициналык кызматтар; медперсоналдын мамилеси; алынган маалыматтын толуктугу, консультация алууда)? Алардын ишин беш баллдык шкала боюнча баалап беренизчи (0дөн 5 баллга чейин). ***Баалоо эрежеси****: Эгерде кош бойлуу аял "4-5" деген жооп берилсе - 1 балл, "3-1" - 0 балл берилет.*

5-КАТЕГОРИЯ: Гипертониялык оорулууларга жардам көрсөтүүнүн сапаты

5.1. Гипертониялык оорулууларга медициналык кызматтар.

Баалоо эрежеси: *Амбулатордук электрондук карта «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан акыркы отчеттук (баалануучу) мезгил ичинде УДТда тейленген, биринчи жолу аныкталган 5 пациентти жана мурда учетто турган ГБ менен бейтаптардын 5 медициналык картасын кокусунан же максаттуу тандап алуу. КР ССМ 2024-ж. 18-июлундагы № 785 буйругу ылайык мед.карталарына талдоо жүргүзүү жана УДТнын ишине төмөнкү критерийлер боюнча баа берүү. Бардык талаптарга жооп берген учурда, ар бир картага тиешелүү балл ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса – 0 балл коюлат.*

5.1.1. ГБ менен ооруган дардын медициналык карталары негизги талаптарга жооп берет. а) телефон номерлери менен пациенттин толук жеке маалыматтары, б) биринчи кароонун датасы жана убактысы. ***Баалоо эрежеси:*** *бардык талаптар үчүн карталарды текшериңиз.*

5.1.2. Клиникалык протоколго ылайык клиникалык кароо жана байкоо жүргүзүлөт

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

а) даттануулар, врачтын биринчи кароосундагы оорунун жана өмүр таржымалы (кечиктирилгис абалдарда кароонун датасын жана убактысын көрсөтүү); б) объективдүү маалыматтар (перкуссия, жүрөктүн аускультациясы, АД, жүрөктүн кагышынын жыштыгы жана ритми, ЧД; тобокелдик факторлорун баалоо: ИМТ - салмагы, бою жана белдин айланасы); в) жалпы абалды баалоо; г) дары-дармектерди туруктуу кабыл алуунун статусун баалоо; д) клиникалык диагноз; е) жүрөк-кан тамыр ооруларынын тобокелдик факторлору, суммардык жүрөк-кан тамыр тобокелдиги аныкталган жана тобокелдик факторлору боюнча (туура тамактануу, дене тарбия активдүүлүгү, тамеки тартуунун жана алкоголдун зыяны жөнүндө) консультация жүргүзүлгөн.

Баалоо эрежеси: *Гипертониялык ооруусу менен ооруган бейтаптардын тандалган карталарын көрсөтүлгөн жазуулардын толуктугун текшерүү, оорунун динамикасы чагылдырылат: дене массасынын индекси төмөндөйт, туура тамактануу жана диета сакталат, физикалык активдүүлүк жогорулайт, жаман адаттар жокко чыгарылат же азайтылат.*

5.1.3. Клиникалык протоколго ылайык изилдөөлөр жүргүзүлөт: лабораториялык-инструменталдык изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Баалоо эрежеси: *КП/КР ылайык жүргүзүлгөн лабораториялык-инструменталдык текшерүүлөрдүн толуктугун гипертониялык ооруусу менен ооруган бейтаптардын тандалып алынган карталарын текшерүү.*

5.1.4. Клиникалык протоколго ылайык дарылоо дайындалат: дарылоо дайындалган жана акыркы 6 айдын ичинде көзөмөлдөнгөн максаттуу деңгээли 140/90 мм рт.ст.барабар же андан ашпайт.

Баалоо эрежеси: *пациенттин медициналык картасында дарылоонун негиздүүлүгүн текшерүү, акыркы 6 айдын ичинде кан басымынын деңгээли 140/90 мм рт.ст. ге барабар же андан ашпайт.*

5.1.5. Гипертониялык ооруусу менен ооруган бейтаптардын ММКнын кошумча программасы (ММК КП) боюнча дары-дармектер жазылат.

Баалоо эрежеси: *ММК КП боюнча ДК жазылганын медициналык карталарды текшерүү. Камсыздандырылбаган бейтаптар үчүн* "ооба" деп коюшат-кереги жок.*

**** Эскертүү:*** *МКП ылайык бисопролол камсыздандырылгандыгынын статусуна карабастан көрсөткүчтөрү боюнча гипертониялык ооруусу менен ооруган бейтаптарга жазылып берилет.*

5.2. Кан басымын туура өлчөө, ЭКГны тартуу жана курч коронардык синдромдо/ анафилактикалык шокто госпиталга чейинки жардам көрсөтүү боюнча практикалык көндүмдөрдү баалоо.

5.2.1. Кан басымын туура өлчөө жана ЭКГ диагностикасын сапатын баалоо.

Баалоо эрежеси: *УДТ адисинин билимине баа берүү үчүн кокус тандоо ыкмасы менен УДТ кызматкерлеринин тизмесинен бир кызматкерди тандап алуу зарыл. Кан басымын өлчөө боюнча тандалган кызматкердин практикалык көрсөтүүсүн баалоо, андан кийин № 5.2.1 Текшерүү-баракчасы боюнча ЭКГ тартуу жана диагноз коюу боюнча медициналык кызматкердин практикалык көндүмдөрүн баалоо. Эгерде медицина кызматкери бейтапты даярдоонун 5тен кем эмес шарттарын санаса; электроддорду коюу жана электроддорду аппаратка туташтыруу алгоритми; 3 стандарттуу, 3 күчөтүлгөн жана 12 көкүрөк көрсөткүчтөрү жөнүндө; ЭКГны тартуу процесси жөнүндө, анда тиешелүү балл берилет, 2 же андан ашык туура эмес жооптордо 0 балл коюлат.*

5.2.2. Курч коронардык синдромдо/анафилактикалык шокто госпиталга чейинки жардам көрсөтүүнү баалоо.

Баалоо эрежеси: *УДТ кызматкерлеринин тизмесинен ичинен бир медициналык кызматкерди туш келди тандап алынат. Тандалган кызматкер андан кийин эки кечиктирилгис абалдын бирин тандайт: а) Курч коронардык синдром жана б) Анафилактикалык шок. Баалоо учурунда 5.2.2.а. жана 5.2.2.б. Текшерүү баракчалары колдонулат. Бул Текшерүү баракчалары стандартташтырылган жана клиникалык протоколдон жана колдонмодон ылайыкташтырылган. Тандалган кызматкердин билими*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК ОЛТАРЫП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

бардык талаптарга туура келсе, тиешелүү балл берилет, 2 же андан көп туура эмес жооптордо 0 балл коюлат.

5.3. Гипертониялык оору менен ооруган бейтаптын маалымдуулугу жана канааттануу деңгээли

Гипертониялык оору менен ооруган бейтаптардын маалымдуулугунун жана канааттануусунун деңгээлин баалоо үчүн отчеттук (бааланууучу) мезгилде ҮДТда кызмат алган 5 бейтаптын мед картасын «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан тандоо зарыл.

Баалоо эрежеси: *медициналык картадан бейтаптын телефон номерин текшерип, ар бир бейтапка чалып, алардын ар бирине 5 суроо берүү керек. Эгерде бейтаптын (картада) телефон номери жок болсо же ага жетүүгө мүмкүн болбосо, «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан сурамжылоо үчүн башка гипертониялык оору менен кызмат алган мед карталарды тандоосун улантыңыз. Эгер жооп туура болсо жана медкарттагы жазууларга дал келсе 1 балл берилет, эгер дал келбесе – 0 балл.*

5.3.1. 1-суроо: Кан басымынын жогорулашына кандай факторлор таасирин тийгизерин билесизби?

Баалоо эрежеси: *эгерде бейтаптын жообунда төмөнкү тобокелдик факторлорунун жана абалдарынын жок дегенде 3ү угулса: (гиподинамия, семирүү, тамеки тартуу, алкоголь, тузду ашыкча керектөө, тукум куучулук, гиперхолестеринемия; татаалдыктар жөнүндө; криз жөнүндө ж.б.), анда 1 балл берилет, эгер билбесе же айта албаса – 0 балл.*

5.3.2. 2-суроо: Кайсы дарыларды ичип жатасыз? Ал дарыларды ар дайым ичесизби же ичпей да коесузбу?

Баалоо эрежеси: *эгерде бейтап "күн сайын ичем" деп жооп берсе жана тизмектесе: гипертензияга каршы, статин, тромбоциттерге каршы препараттар - 1 балл; башка жооптордо – 0 балл берилет.*

5.3.3. 3-суроо: ММКнын жеңилдетилген рецепттери боюнча дары-дармектерди арзандатуу менен сатып алдыңызбы?

Баалоо эрежеси: *эгерде жоопто "Ооба" десе, ММК КП боюнча жеңилдетилген рецепт жазылып берилсе жана арзандатуу менен сатып алдым десе (кан басымды азайткан дары же башкалар), анда бейтаптын жообуна 1 балл берилет, эгерде жеңилдетилген рецепт менен алган жоокмун десе, анда 0 балл берилет. Эгерде пациент камсыздандырылбаган жаран болсо 1 балл коюлат.*

**Эскертүү: МКПга ылайык бисопролол камсыздандырылгандыгынын статусуна карабастан көрсөткүчтөрү боюнча ГБ менен бейтаптарга берилет.*

5.3.4. 4-суроо: Сиз үчүн бардык кызматтар жеткиликтүү болдубу же бир нерсе үчүн акы төлөдүңүзбү?

Баалоо эрежеси: *эгерде "ооба" кызмат мага жеткиликтүү болду десе, бейтаптын жообу үчүн 1 балл берилет, ал эми жоопто медициналык кызмат үчүн акы төлөнсө (дарыгердин кабыл алуусу, адистин консультациясы, манипуляция жүргүзүү, ЭКГ жана лабораториялык изилдөөлөр үчүн акы төлөнсө ҮДТ/ҮМБ деңгээлинде) – 0 балл берилет.*

5.3.5. 5-суроо: Сиз ҮДТнун ишине канааттандыңызбы: (кезек күтүү; өз убагында көрсөтүлгөн медициналык кызмат; медперсоналдын мамилеси; алынган маалыматтын толуктугу, консультация берүү көндүмдөрүнө)? Алардын ишин беш баллдык шкала боюнча баалаңыз (0дөн 5 баллга чейин). ***Баалоо эрежеси:*** *эгерде пациенттин жообу: "4-5" болсо - 1 балл, "3-1" - 0 балл ыйгарылат.*

6-КАТЕГОРИЯ: Кургак учук менен ооруган бейтаптарга жардам көрсөтүүнүн сапаты

6.1. Кургак учук менен ооруган бейтаптарга медициналык кызмат көрсөтүү

Баалоо эрежеси: *Отчеттук (бааланууучу) мезгил ичинде ҮДТ менен тейленген кургак учук менен ооруган 5 бейтапты ТБ-01/ ТБ-01у /«Sanarip clinic» маалыматтар базасынан кокустан же максаттуу тандоо ыкмасы менен тандоп алуу. Мед карталарга талдоо*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жүргүзүү жана УДТнун ишине төмөндөгү сапат критерийлери боюнча баа берүү. Бардык талаптарга жооп берген учурда, ар бир картага тиешелүү балл ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса – 0 балл коюлат.

6.1.1. Кургак учук менен ооруган бейтаптардын медициналык карталары негизги талаптарга жооп берет: а) бейтаптын телефон номерлери менен толук жеке маалыматтары, б) алгачкы текшерүүнүн датасы жана убактысы.

Баалоо эрежеси: *бардык талаптар үчүн карталарды текшерилет.*

6.1.2. Клиникалык протоколго ылайык клиникалык кароо жана көзөмөл жүргүзүлөт: а) бейтаптын даттануулары; оорунун жана жашоонун анамнези; (б) объективдүү маалыматтар (АД, ЧДД, жүрөк кагышы, салмак); в) жалпы абалды баалоо; г) клиникалык диагноз.

Баалоо эрежеси: *бардык талаптар үчүн карталарды текшерилет.*

6.1.3. Клиникалык протоколго ылайык изилдөөлөр жүргүзүлөт (кургак учукту аныктоо жана диагностикалоо).

А. Кургак учук оорусун аныктоонун алгоритми өз убагында жүргүзүлөт.

1) Кайрылууда кургак учуктун белгилери боюнча сурамжылоо жүргүзүлөт;

2) Эгерде симптомдор бар болсо, анда ал эки какырыктын үлгүсүн чогултууга жана рентгендик изилдөөгө багытталат. Биринчи үлгү Xpert® MTB/RIF Ultra/Truenat® MTB тез молекулярдык тестке жөнөтүлөт. Экинчи (эртең менен) үлгү патологиялык материалды өстүрүүгө жөнөтүлөт;

3) Изилдөө үчүн үлгүлөр дароо дарылоо башталганга чейин чогултулган.

В. Лабораториялык жана инструменталдык изилдөөлөр кургак учукка каршы дарылоо учурунда (клиникалык мониторинг) № 6.1.3 Текшерүү баракчасына ылайык жүргүзүлөт.

ҮМБ/ЖДПБда кээ бир лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгтн учурда КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 5-июлундагы № 515 буйругуна ылайык башка саламаттык сактоо уюмдарында бул изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кол коюлган келишимдин болушун текшерилет.

Баалоо эрежеси: *бардык талаптар үчүн карталарды текшериңиз. Тандалган медициналык картада (ТБ 01, ТБ 01у) же кургак учуктун электрондук реестринен жана какырыкты чогултуу журналынан маалыматтарды текшерүү: какырыкты алуу датасы, какырыкты жөнөтүү датасы жана анализдин жыйынтыктарын жазуу (тастыктоо), дарылоо датасы. № 6.1.3. Текшерүү баракчасын колдонуу менен пациенттин тандалган медициналык жазууларында (ТБ 01, ТБ 01у) же кургак учуктун электрондук реестринде ай сайын лабораториялык жана инструменталдык изилдөөлөрдүн болушун көрүү.*

6.1.4. КПга ылайык дарылоо: кургак учукка каршы дарыларды (ПТП) белгиленген дарылоо режими менен жана үзгүлтүксүз алуу. Кургак учук менен ооругандар кургак учук аныкталгандан кийин 5 күндүн ичинде кургак учукка каршы дарылоону башташкан.

ССУда кургак учук менен ооруган бейтаптар үчүн жагымсыз көрүнүш (НЯ) жеңилдетүү үчүн дары-дармектер бар.

Баалоо эрежеси: *Бейтапка берилген дары-дармек каражаттарын эсепке алуунун өз убагында жана толуктугун текшерүү, кургак учук менен ооруган бейтапка дары-дармек каражаттарын берүүнү эсепке алуу медкартасына ылайык келген дары каражаттарынын калдыктарын салыштыруу.ТБ 01/ТБ 01у боюнча кургак учукка каршы дарылоонун дайындалган күнүн жана дарылоо башталган күнүн каралат.*

6.1.5. УДТ 2 жуманын ичинде кургак учук менен ооругандар менен байланышта болгон бардык адамдарды текшерүүдөн өткөрөт.

Баалоо эрежеси: *Бейтаптардын тандалган медкарталарында (форма 025-у), врач эпидемиолог берген тизмесине ылайык байланышы бар адамдарынын КУ текшерилгенин текшерүү. Кургак учук менен оруугандар менен байланышуу фактыларын текшерүү, жөтөлгөндө - какырыкты изилдөө, симптомдору жок болсо - рентген изилдөө; 5 жашка чейинки балдарда туберкулин тестине жол берилет. (КУ контакттарды жүргүзүү боюнча нускама - КР ССМ 2018-ж. 13-июну № 429 буйругу).*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6.2. Какырыкты чогултуу боюнча ҮДТ кызматкеринин практикалык көндүмдөрүн баалоо.

6.2.1. ҮДТнун медициналык айымынан какырыкты чогултуу боюнча практикалык көндүмдөрүн баалоо.

Баалоо эрежеси: *ҮДТ кызматкерлеринин тизмесинен ичинен бир медициналык айымды туш келди тандап алынат. Какырыкты чогултуу эрежелери боюнча, анын ичинде төмөнкүлөр боюнча билимдерге баа берүү: (а) документтерди туура толтуруу; (б) какырыкты чогултуунун максатын, маанисин жана процессин жеткиликтүү түшүндүрүү; (в) коргонуунун жеке каражаттарын туура пайдалануу; (г) коопсуздук чараларын сактоо; (д) контейнерлерди туура маркалоо; (е) какырыктын үлгүлөрүн лабораторияга ташууну жана жеткирүүнү уюштуруу. Текшерүү баракчасы 6.2.1. Эгерде медициналык айым туура жооп берсе, тиешелүү балл берилет, эгерде 2 же андан көп туура эмес жооп берсе 0 балл.*

6.2.2. Кургак учукка какырыкты чогултуу системасы.

Какырыкты чогултуучу жер үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун негизги имаратынын сыртында жайгашкан.

ҮДТда какырыкты чогултуу үчүн бардык зарыл нерселер бар какырыкты чогултуу бурчу болот: какырыкты чогултуу жана жөнөтүү үчүн журнал; какырыкты микроскопиялык изилдөөгө жолдомо – КУ 03 формалары жана коштоочу баракчалар; бейтап жана медициналык кызматкер үчүн какырыкты чогултуу техникасы боюнча нускамалар; коргонуунун жеке каражаттары (респираторлор); какырык үчүн 6 даанадан кем эмес таза контейнерлер; контейнер үчүн сыймдуулук; транспорттук ящик/бикс.

Баалоо эрежеси: *бардык максаттуу жайларды кыдырып, талаптардын ар бирин текшерүү керек. Эгерде бардык критерийлер аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса 0 балл коюлат.*

6.2.3. ҮДТ кургак учук менен ооруган дарылоо (НКЛ) жүргүзүлүүгө тийиш болгон желдетилүүчү бөлмөнү (бөлмөнү) аныкталган. Бул жайда: суусу менен идиш, стакандар; медицина кызматкерлери үчүн респираторлор; бейтаптар үчүн маскалар; кургак учукка каршы дарылоо процессинде бейтап менен консультацияларды жана аңгемелешүүлөрдү өткөрүү үчүн маалыматтык материалдар: нускамалар, брошюралар, плакаттар, окуу куралдары ар бир КУ-бейтап үчүн ПТП жетиштүү көлөмдө болууга тийиш.

Баалоо эрежеси: *бардык максаттуу жайларды кыдырып чыгуу, талаптардын ар биринин болушун, анын ичинде кургак учук менен ооруган бейтаптардын санына ылайык кургак учукка каршы препараттардын болушун текшерүү зарыл. Эгерде бардык критерийлер аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса 0 балл коюлат.*

6.3. Кургак учук менен ооруган бейтаптардын маалымдуулугу жана канааттануу деңгээли

Кургак учук менен ооруган бейтаптардын маалымдуулугунун жана канааттануусунун деңгээлин баалоо үчүн отчеттук (бааланууучу) мезгилде ҮДТда тейленген же кызмат алган 5 бейтаптын мед картасы ТБ-01/ТБ-01у / «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан тандоо зарыл.

Баалоо эрежеси: *Медкартадан бейтаптын телефон номери болушун текшерүү керек. Ар бир бейтапка чалып, алардын ар бирине 5 суроо бериңиз. Эгерде медкартасында телефон номери жок болсо же пациентке чейин жетүүгө мүмкүн болбосо – анда 5 бейтапты сурамжылоо үчүн маалымат базасынан башка бейтаптарды тандоону улантуу. 5 пациентти сурамжылоодо ар бир туура жооп үчүн 1 балл берилет, Эгер дал келбесе – 0 балл. Эгерде ҮДТда КУ менен 5тен аз пациент болсо, анда КУ менен ооруган бардык бейтаптар сурамжыланат.*

6.3.1. 1-суроо: Сиз кургак учукка каршы дарыларды күн сайын ичесизби же абалыңыз жакшырып же начарлап кетсе, дарылануудан тыныгуу аласызбы? Эмне үчүн?

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Баалоо эрежеси: *Эгерде пациенттин "Ооба, ДК дайыма ичем, эч качан тынығуу албайм" деген жообу болсо -1 балл, ал эми "биздин УДТда дары берилбейт; ДК алып келүү үчүн райондук УМБдон каражат жок" деп жооп берсе же башка жооп болсо – 0 балл.*

6.3.2. 2-суроо: Ашказан, оң кабырга жак, ичиңиз өтсө же башка оорунун белгилери болсо эмне кыласыз жана кайда барасыз?

Баалоо эрежеси: *эгерде бейтаптын жообунда бул белгилер пайда болгондо мен дароо дарылоочу врачка билдирем жана терс көрүнүштөрдү азайтуу үчүн керектүү дары - дармектерди ичем, ошондой эле белгиленген негизги кургак учукка каршы дарыларды ичүүнү улантам – 1 балл берилет, башка жооптор үчүн-0 балл.*

6.3.3. 3-суроо: Кургак учукка каршы дары-дармектер Сизге УДТнан бекер берилип жатабы же өзүңүз сатып алып жатасызбы?

Баалоо эрежеси: *Эгерде бейтаптын "Ооба, УДТнан бекер алам" деген жообу - 1 балл болсо, башка жоопко – 0 балл.*

6.3.4. 4-суроо: Кургак учукту дары-дармектер менен дарылоодо тамактануунун өзгөчөлүгү жөнүндө билесизби?

Баалоо эрежеси: *Бейтап төмөнкү тамак-аш өзгөчөлүктөрүн айтып бериш керек: тез-тезден, бөлүп тамактануу; сөзсүз эт, сүт азыктарын, витаминдерди (жашылча, жемиш) тамак-аш рационунда болуу зарыл. Ичкилик ичпөө керек. Эгерде пациенттин жообу жогорудагылардан 2-3 жоопту тизмектесе, 1 балл берилет, ал эми жоопто "жок" тамактануу боюнча кеңеш же башка жооп ала элек болсо, 0 балл берилет.*

6.3.5. 5-суроо: Дарылоо учурунда Сизге колдоо көрсөтүлгөнбү (консультация, дарыгер же медайым менен сүйлөшүү ж.б.). Алардын ишин беш баллдык шкала боюнча баалаңыз (0дөн 5 баллга чейин).

Баалоо эрежеси: *Эгерде бейтаптын жообу: "4-5" - 1 балл, "3-1" - 0.*

7-КАТЕГОРИЯ: Кант диабети менен ооруган бейтаптарга жардам көрсөтүүнүн сапаты

7.1. Кант диабет оорусу менен ооруган бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүү.

Баалоо эрежеси: *Амбулатордук электрондук карта «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан акыркы отчеттук (бааланууучу) мезгил ичинде УДТда тейленген кант диабети менен ооруган 10 бейтаптын медициналык картасын кокусунан же максаттуу тандап алуу. Ал карталарга талдоо жүргүзүү жана УДТнун ишине төмөндөгү сапат критерийлери боюнча баа берүү. Бардык талаптарга жооп берген учурда, ар бир картага тиешелүү балл ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса – 0 балл коюлат.*

7.1.1. Кант диабети менен менен ооругандардын медициналык карталары негизги талаптарга жооп берет. а) телефон номерлери менен пациенттин толук жеке маалыматтары, б) биринчи кароонун датасы жана убактысы.

Баалоо эрежеси: *бардык талаптар үчүн карталарды текшериңиз.*

7.1.2. Клиникалык протоколго ылайык клиникалык кароо жана көзөмөл жүргүзүлөт: а) даттануулар, дарыгердин биринчи кароосундагы оору жана өмүр таржымалы, кечиктирилгис абалдагы убакыт датасы; б) объективдүү маалыматтар (АД, ЧД, ЧСС), в) жалпы абалды баалоо; г) дары-дармектерди туруктуу кабыл алуунун статусун баалоо; д) клиникалык диагноз; е) жүрөк-кан тамыр ооруларынын тобокелдик факторлору боюнча консультация жүргүзүлгөн (артериялык гипертензия; рационалдуу тамактануу; ИМТны баалоо: бою, салмагы жана белдин айланасы, буттун абалы, үй-бүлөлүк тарыхы; физикалык активдүүлүк), ж) медайымдык байкоо баракчасы.

Баалоо эрежеси: *КП/КР ылайык кароонун жана көзөмөлдүн болушун жана толуктугун тандалып алынган карталарын текшерүү.*

7.1.3. Клиникалык протоколго ылайык изилдөөлөр жүргүзүлөт: лабораториялык-инструменталдык изилдөөлөр жүргүзүлдү: ач карын гликемияны аныктоо (ГПН-ач карын плазмасындагы сахарды), гликатталган гемоглобинге кан анализи жылына 1 жолудан кем

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

эмес (мамлекеттик ССУ 1 жолу акысыз жүргүзүлөт) тамактан кийин глюкозаны аныктоо (постпрондиалдык гликемия), ЭКГ, көкүрөк рентгенографиясы, ички органдардын УДИ, СКФ эсеби, ОАМ, ОАМ, бөйрөк тесттери (креатинин, мочевина, азот калдыгы), боор тесттери (АЛТ АСТ), холестирин (микроальбуминурия же жашыруун белок).

Баалоо эрежеси: *КП/КР ылайык жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн толуктугун кант диабети менен ооруган бейтаптардын тандалып алынган карталарынан текшерүү.*

7.1.4. Клиникалык протоколго ылайык дарылоо дайындалат: дарылоо дайындалып, көз дарыгери, невропатолог, кардиолог (көрсөткүчү боюнча кардиолог) кеңеш берилип, гликемиялык контролдун максаттуу деңгээлине жетип, кант диабетинин экинчи профилактикасы жүргүзүлөт.

Баалоо эрежеси: *Кант диабети менен бейтаптардын тандалып алынган карталарын негиздүү дарылоонун, глюкозанын контролдонуучу деңгээлине жетишүүнүн жана КП/КР ылайык профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүнүн болушун текшерүү.*

7.1.5. Кант диабети менен ооруган дарга жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча дары (инсулин) берилет.

Баалоо эрежеси: *Медкарталарды текшерүү - МКПга ылайык кант диабет оорулуулар үчүн ДК берүүнү, сактоону жана муздак режимдин сакталышын текшерүү.*

7.2. Кант диабети менен ооруган бейтаптарга гипогликемия, гипо - же гипергликемиялык (кетоацидотикалык) комада госпиталга чейинки шашылыш жардам көрсөтүүнүн сапатын баалоо

7.2.1. Кант диабети менен ооруган гипогликемия, гипо - же гипергликемиялык (кетоацидотикалык) комада госпиталга чейинки жардам көрсөтүү боюнча ҮДТ медициналык кызматкеринин практикалык көндүмдөрүн баалоо

Баалоо эрежеси: *ҮДТнын медициналык кызматкеринин билимине баа берүү үчүн ҮДТнын мед кызматкерлеринин тизмесинен бир кызматкерди кокустан тандап алуу зарыл. Кант диабети менен ооруган гипогликемия, гипо-же гипергликемиялык комада кечиктирилгис жардам көрсөтүү боюнча медициналык кызматкердин билимине баа берүү. Тандалган мед кызматкер баалоо жүргүзүү үчүн үч абалдын бирин туш келди ыкма менен тандайт. Андан ары боюнча кызматкердин билимин жана көндүмдөрүн № 7.2.1.а.б.в. Текшерүү барагына ылайык бааланат. 2 же андан көп туура эмес жоопторго 0 балл ыйгарылат. Туура жоопторго менен тиешелүү баллдар берилет.*

7.3. Кант диабети менен ооруган бейтаптардын маалымдуулук жана канааттануу деңгээли

Кант диабети менен ооруган бейтаптардын маалымдуулугунун жана канааттануусунун деңгээлин баалоо үчүн отчеттук (бааланууучу) мезгилде ҮДТда тейленген же кызмат алган 5 бейтаптын мед картасын «Sanarip clinic» автоматташтырылган маалымат базасынан тандоо зарыл.

Баалоо эрежеси: *Медкартадан бейтаптын телефон номери бар-жогун текшерүү керек. Ар бир бейтапка чалып, алардын ар бирине 5 суроо бериңиз. Эгерде картасында телефон номери жок болсо же пациентке чейин жетүүгө мүмкүн болбосо, анда 5 бейтапты сурамжылоо үчүн маалымат базасынан башка бейтаптарды тандоону улантуу керек. Бейтапты сурамжылоодо ар бир туура жооп үчүн 1 балл берилет, эгер дал келбесе – 0 балл.*

7.3.1. 1-суроо: Кандагы канттын көбөйүшүнө кандай факторлор таасир этиши мүмкүн деп ойлойсуз?

Баалоо эрежеси: *Эгерде бейтаптын жообунда төмөнкү тобокелдик факторлорунун жок дегенде 3ү угулса: гиподинамия, семирүү, тамеки тартуу, алкоголь, таттууларды, тузду ашыкча колдонуу, тукум куучулук, гиперхолестеринемия; татаалдыктар жөнүндө; кома ж.б. анда 1 балл берилет, жок болсо – 0 балл.*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7.3.2. 2-суроо: Кандай дарыларды ичип жатасыз? Ал дарыларды дайыма ичесизби же тыныгуу мененби? ***Баалоо эрежеси:*** *Эгерде пациент "кантты азайтуучу дарыларды күн сайын ичем" деп жооп берсе– 1 балл; башка жооптордо – 0 балл.*

7.3.3. 3-суроо: а) Инсулинге көз каранды кант диабет диагнозу коюлган бейтаптар үчүн суроо: Сиз инсулинди акысыз жана тест тилкелерин жеңилдетилген ММК рецепттери менен жарым жартылай төлөө менен аласызбы? б) инсулинге көз каранды эмес кант диабет диагнозу коюлган оорулуулар үчүн суроо: Сиз метформин (диаформин, инсуфор, метфиалк, метфогамма, сиофор) дарыларын ММКнын жеңилдетилген рецепттери менен сатып алдыңызбы? ***Баалоо эрежеси:*** *Эгерде бейтаптан "ооба" деген жообуна 1 балл берилет, ал эми башка жоопко 0 балл.*

7.3.4. 4-суроо: ҮДТда бардык кызматтар Сиз үчүн жеткиликтүү болдубу же бир нерсе үчүн акы төлөдүбүңүзбү? ***Баалоо эрежеси:*** *Эгерде жоопто "ооба" кызмат мага жеткиликтүү болду десе, 1 балл берилет, ал эми жоопто медициналык кызмат үчүн акы төлөнгөнү айтылса: (врачтын кабыл алуусу, адистин консультациясы, манипуляция жүргүзүү, лабораториялык изилдөөлөр үчүнж.б. акы төлөнсө) – 0 балл.*

7.3.5. 5-суроо: Сиз ҮДТнун ишине канааттандыңызбы: (кезек күтүү; өз убагында көрсөтүлгөн медициналык кызмат; медперсоналдын мамилеси; алынган маалыматтын толуктугу, консультация берүү көндүмдөрүнө)? Алардын ишин беш баллдык шкала боюнча баалаңыз (0дөн 5 баллга чейин).

Баалоо эрежеси: *Эгерде бейтаптын жообу: "4-5" - 1 балл, "3-1" - 0 балл ыйгарылат.*

8-КАТЕГОРИЯ: ФАП деңгээлиндеги жардамдардын сапаты

Бул категория боюнча бардык индикаторлордун критерийлерине ылайык келген учурда тиешелүү баллдар ыйгарылат.

8.1. ФАП деңгээлинде ресурстарды башкаруу

8.1.1. Бекитилген тизмеге ылайык жана жарактуулук мөөнөтү менен кан кетүү убагында кош бойлуу аялдар үчүн кечиктирилгис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын топтомунун жана медициналык буюмдардын болушу.

Баалоо эрежеси: *ФАПда ДК жана МИ топтомун текшерүү (№ 2.1.1 Текшерүү барагы). Бекитилген тизмеге ылайык комплекттелсе жана жарактуулук мөөнөтү жетиштүү болсо, анда 2 балл ыйгарылат. Эгерде дары-дармек каражаттарынын топтому бекитилген тизмеге ылайык комплекттелбесе же дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтү өтүп кетсе 0 балл коюлат.*

81.2. Бекитилген тизмеге ылайык жана жарактуулук мөөнөтү менен преэклампсияда кош бойлуу аялдар үчүн кечиктирилгис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын болушу. ***Баалоо эрежеси:*** *ФАПда ДК жана МИ топтомун текшерүү (№ 2.1.2. Текшерүү барагы). Бекитилген тизмеге ылайык комплекттелсе жана жарактуулук мөөнөтү жетиштүү болсо, анда 2 балл ыйгарылат. Эгерде дары-дармек каражаттарынын топтому бекитилген тизмеге ылайык комплекттелбесе же дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтү өтүп кетсе 0 балл коюлат.*

8.1.3. Бекитилген тизмеге ылайык жана жарактуулук мөөнөтү менен анафилактикалык шок учурунда бейтаптарга кечиктирилгис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын болушу. ***Баалоо эрежеси:*** *ФАПда ДК жана МИ топтомун текшерүү (№ 2.1.3. Текшерүү барагы). Бекитилген тизмеге ылайык комплекттелсе жана жарактуулук мөөнөтү жетиштүү болсо, анда 2 балл ыйгарылат. Эгерде дары-дармек каражаттарынын топтому бекитилген тизмеге ылайык комплекттелбесе же дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтү өтүп кетсе 0 балл коюлат.*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

8.1.4. Бекитилген тизмеге ылайык жана жарактуулук мөөнөтү менен 6 жашка чейинки балдарга кечиктирилгис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын топтомунун жана медициналык буюмдардын болушу. ***Баалоо эрежеси:*** *ФАПда ДК жана МИ топтомун текшерүү (№ 2.1.4. Текшерүү барагы). Бекитилген тизмеге ылайык комплекттелсе жана жарактуулук мөөнөтү жетиштүү болсо, анда 2 балл ыйгарылат. Эгерде дары-дармек каражаттарынын топтому бекитилген тизмеге ылайык комплекттелбесе же дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтү өтүп кетсе 0 балл коюлат.*

8.1.5. Бекитилген тизмеге ылайык жана жарактуулук мөөнөтү менен Курч коронардык синдром учурунда кечиктирилгис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын топтомунун жана медициналык буюмдардын болушу. ***Баалоо эрежеси:*** *ФАПда ДК жана МИ топтомун текшерүү (Текшерүү барагы 2.1.5.). Бекитилген тизмеге ылайык комплекттелсе жана жарактуулук мөөнөтү жетиштүү болсо, анда 2 балл ыйгарылат. Эгерде дары-дармек каражаттарынын топтому бекитилген тизмеге ылайык комплекттелбесе же дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтү өтүп кетсе 0 балл коюлат.*

8.1.6. Өзгөчө шарттарды талап кылган вакциналарды, инсулинди жана башка препараттарды жана материалдарды, анын ичинде муздаткыч чынжырды жана калган ДК сактоону ФАПда сактоо жана ташуу бардык талаптарга жооп берет (жайлар абанын параметрлерин каттоо үчүн приборлор: термометрлер, гигрометрлер же психрометрлер менен жабдылышы керек). ***Баалоо эрежеси:*** *Кыдырып чыгуу жана бар экендигин текшерүү: термометр менен муздаткыч, журналга күн сайын каттоо; журналга абанын нымдуулугун күн сайын каттоо; муздак элементтери бар термосумкалар жана муздаткыч чынжырды сактоо боюнча СОП (Текшерүү барагы 2.1.6.). Эгерде бардык критерийлер аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бир критерий аткарылбаса 0 балл коюлат.*

8.1.7. Медициналык манипуляция жүргүзүлгөн ар бир кабинетте муздак жана ысык суу (суу жылыткыч): самын; салфетка же сүлгү (кагаз же кездеме); колдун антисептиги жана медперсоналдын колун жуу эрежелери жазылган нускама-эскертме менен. Жол-жоболордун коопсуздук эрежелери сакталат: кол жуу алгоритми (КР КМ 2023-жылдын 12-декабрындагы № 663 токтому) жана инъекциялар стандарттык операциялык жол-жоболоруна (СОП) (КР ССМ 2014-жылдын 4-июлундагы № 379 буйругу) ылайык.

Баалоо эрежеси: *Бардык максаттуу жайларды кыдырып, крандарды ачып, бардык талаптардын сакталышын текшерүү керек. Медициналык манипуляция жүргүзүлгөн кабинеттерде муздак, ысык суу менен раковина бар болушу керек. Медициналык персонал медициналык манипуляцияларды жүргүзүүдөн мурун жана жумуш күнү бою кол гигиенасын жүргүзүп, сактоосу маанилүү самын, салфеткаларды колдонуу, эрежелерге ылайык. медперсоналдын колун иштетүү боюнча нускама көрүнүктүү жерде, кол жууган жерге жакын болушу керек. Колдун гигиенасы жана жол-жоболордун коопсуздугу боюнча эрежелердин сакталышын текшерүү үчүн медицина кызматкери колду жуу алгоритмин көрсөтөт, мында эксперт 2.3.1 Текшерүү - баракчасына ылайык баа берет. Эгерде бардык талаптар аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бул критерийдин бир талабы аткарылбаса 0 балл коюлат.*

8.1.8. Ар бир ФАПда кайрылган жарандардын колун жууганга ылайыкташтырылган жерге раковина болушу керек (дааратканада, коридордо же башка бөлмөдө). Ал жер жарык, жарандар үчүн жеткиликтүү: агын суу, самын, таза салфетка же сүлгү; жарык; капкагы бар таштанды челек. ***Баалоо эрежеси:*** *Бардык максаттуу жайларды кыдырып чыгуу керек, бейтаптардын колун жуу үчүн орун бар экендигин текшерүү керек, ал самын, таза салфетка/сүлгү, бөлмөдө иштеген жарыгы бар таштанды челеги менен*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жеткиликтүү болушу керек. Эгерде бардык талаптар аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бул критерийдин бир талабы аткарылбаса 0 балл коюлат.

8.1.9. ФАПда даараткана болушу керек:

А варианты: эгерде даараткана сыртта болсо, анда ал төмөнкү талаптарга жооп берет: бейтаптар үчүн жеткиликтүү; таза, эшиги ичинен жабылат; даарат кагазы бар; иштеп жаткан жарыгы бар; капкагы бар таштанды челеги бар, тазалоо графиги, акыркы тазалоо боюнча кызматкерлердин белгилери бар.

В варианты: эгерде даараткана ФАП ичинде болсо, анда ал талаптарга жооп берет: бейтаптар үчүн жеткиликтүү; жагымсыз жыттар жок; эшиги ичинен жабылат; жуугуч бачок иштейт, агын суу бар; даарат кагазы, даараткана щеткасы бар; иштеп жаткан жарык бар; капкагы бар таштанды челеги бар, дааратканы тазалоо графиги бар, кызматкерлердин акыркы тазалоо белгилери бар.

Баалоо эрежеси: *ФАПтын дааратканасы бейтаптар үчүн жеткиликтүүлүгүн, тазалыгын, даарат кагазынын, жарыктандыруунун, капкагы бар таштанды контейнеринин, тазалоо иштери жүргүзүлгөндүгү тууралуу белгилери бар даараткананы тазалоо графигинин болушун текшерүү зарыл. Эгерде бардык талаптар аткарылса тиешелүү баллдар ыйгарылат, эгерде бул критерийдин бир талабы аткарылбаса 0 балл коюлат.*

8.2. ФАПта кечиктирилгис/тез жардам көрсөтүүнүн сапатын баалоо

ФАПда адистеринин билим деңгээлин баалоо:

1. Балдардын талмасы кармаган учурда кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүүнү баалоо (№ 3.3.1.а. Текшерүү барагы);
2. Оор пневмонияда, оор эмес пневмонияда, курч ларинготрахеитте медициналык тез жардам көрсөтүүнү баалоо (№ 3.3.1.б. Текшерүү барагы);
3. Оор преэклампсияда кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүүнү баалоо (№ 4.2.1. Текшерүү барагы);
4. Кан басымын туура өлчөө жана ЭКГ диагностикасы боюнча практикалык көндүмдөрдү баалоо (№ 5.2.1. Текшерүү барагы);
